
Мамек АКАЕВ

# Жашоо кумары



Мамек АКАЕВ

# Жашоо КУМАРЫ



Жалал-Абад – 2017

Мамек АКАЕВ

«ЖАШОО КУМАРЫ»

• *Аңгемелер, ырлар*

# БУЙЛАШ АКЧЕК

*Аңгеме*

– Койлорду таап келдиңби? – деди энем эшиктин алдына келген койлорду карап.

– Буйлаш акчекке чыгып кетиптир, айдап келдим. Анча барбасам Көк-Артка өтүп кетмек экен.

– Эми кирип, чай ич. Балдарың келгенде деле айдап келет эле.

Чайга отурдум. Энем ойлуу отурат. Эмнелерди ойлонуп жатат экен. Ойлоно турган оюу, сыздай турган кайгысы бар да. Бир баласы согушка кетип, дайынсыз болуп калды. Бир баласын жалган жеринен каматып жиберишти. Аны ойлонуп, менин да жүрөгүм сыздап турду. Кайгылуу оюнан бурайын деп энеме суроо бердим:

– Эне, эмне үчүн Буйлаш акчек дешет? Буйлаш деген ким болду экен?

– Буйлаш менин атам.

– Кандайча сиздин атаңыз болот?

– Анда угуп тур балам. Уккун да мен айткандарды унутпа.

Эки ат, бир өгүзгө жүктөлгөн жүк, кырктай жылкыны айдап, азыркы Сафаровка деген жерден Тогуз-Торону көздөй жолго чыктык. Калма –Кырчындын Кап согор деген жериндеги «Курманбектин сепили» деген жерге жүк түшүрдүк. Ошондо сепилдин дубалдары толук ураган эмес экен. Ошол жерге түнөп, эртеси дагы жолго чыктык. Атамын менден кийинки баласы жаш болгондуктан үйүрдөгү айгырды кармап мага мингизип койду. Мен ат мингенге чыйрак элем. Жолго чыгаарда атам биз жон менен жүрүп, Жалгыз –Кыр, Төө жайлоонун, Ак эчки тоолорун ашып, Сары жон аркылуу Кызыл-Суу дабаны менен Атайга түшөбүз.

– Эмне үчүн Көк-Арттын жолу менен жүрбөйбүз?

– Ал чоң жолдо ар кандай адамдар учурашы мүмкүн. Бул жак тынч.

Кочкор –Төбөгө келгенде дөбөдө чоң ак үй турат. Тегизинде кичинекей үй. Талаада койлор жайнайт. Козулардын маараганы кулактын кужурун алат. Чыйбыл болуш жазгы жайытында турбайбы, - деп атам кабагын бүркөп, кандайдыр ыңгайсыз абалда калгандай болуп калды. Үйдөн берки кырда эки-үч киши отурат. Атам бурулуп, кишилерди көздөй кетип жатып:

– Жылкыны тосуп тур, - деди мага.

Атам кишилерге жакындаганда атынан түшүп, жөө барып учурашты. Атам менен тааныш экен.

– Жылкы айдап келе жатасың? Жүктөрүң турат?

– Өзүңүз билесиз болуш, Тогуз-Тородо кургакчылык болуп, чөп начар өсүп калгандыктан Карагынадагы кайынжуртума жылкымы кыштатып келе жатам.

Элди сурап жатты. Себеби, Тогуз-Торо ошондо Калма-Кырчын болуштугуна караган эле.

– Болуш, уруксат берсеңиз биз жолубузду улай берели? Жигиттериңизди жибериңиз, «ажыраш аяк» дегендей «уйкулук» таштап кетейин.

Жигиттери жылкыны көздөй чабышты.

– Кашка кунанды көрсөт, кармап алышсын, - деди атам мага кыйкырып. Жол уладык.

Мен энеме дагы суроо бердим:

– Тогуз –Торо алыс эмеспи, кантип Калма-Кырчынга карады?

– Чыйбылдын атасы Абдилла бийдин тушунда Тогуз-Торо Калма-Кырчынга баш ийип турган. Кудаяр хан кыргыздын белгилүү элет бийлерин чакырып, баш көтөргүс кылып бийлерин өлтүргөн, көтөрүлүш чыгарбасын деп. Абдилла бий, ошондой эле Көк-Арт өрөөнүнүн күнгөйүн башкарган бий да өлгөн. Экөөнү Базар-Коргондон тартып Коконго чейин жөө айдап кеткен. Эки бий армандарын айтып кетишет.

Менин эки «күчүгүм» бар. Булар эл башкарат деген тилегим бар. Өзгөчө улусу Нусуп деген балам.

Күнгөй тараптын бийи болсо менде да эки бала бар, бирок алар кемеге башынан чыкпагандар болот. Аттиң арман- деген экен.

Кийин орустар келип, кыргыздардын өлтүргөн бийлери күнөөсүз экендигин билишип жардам беришет. Баягы Абдилла менен Күнгөйдүн бийинин балдарын чакыртып орустар сурашыптыр «Эмне жардам сурайсыңар?» - деп. Чыйбыл менен Нусуп биздин атабызга карап турган элдерди жана жери менен кошо бериңиз дешет. Ошентип Абдилла бийге караган Жалал-Абаддын тескейи Кара-Алма, Саты, Тогуз-Торо эли Чыйбыл, Нусупка карап калган. Күнгөй тараптын эки баласы болсо бизге кийм-кече, мата бериңиз дешкен экен. Аларга беш атка жүк, мата берген дешет.

Эми жолго кайрылалы балам. Жылкыларды айдап көчтүн алдында келе жатам. Түшкө жакын токойдун чети менен өтө баштадык. Күн ысып калгандыктан, бир маалда жылкылар токойго кирип кетишти. Айгыр оозун бербей жылкылардын арттарынан чуркап кирди. Куураган жыгачтар бар экен, бир ичке бутактын учу оозуман кирип, жаагыман чыга түштү. Аттын оозун тарта албай бир жыгачты кучактаган боюнча туруп калдым. Бир колум менен оозума сайылган жыгачты сууруп салдым. Атам бир тегиз жердеги ак чечектин түбүнө алып келип жүктү түшүрүп

– Ушул жерге үйдү тиккиле, - диди.

– Жаагың айыккыча ушул жерде отуруп турабыз. Айланайын кызым, кантип чыдап атасың? Кудайым бир сактаптырда, - деп кучактап алып жалынып отурду.

– Баланы тынч кой. Эшикке чыгып көп баспасын. Суук алып кетет, ичинен куйрук, тышынан чырмоок, бака жалбырак жаап, таңып тур, - деп Буйлаш аялына кайрылды.

Бир күнү айгыр бир байталды тиштеп кубалады эле тайгаланып, жыгылып турбай калды. Экөөлөп -үчөөлөп тургуза албай коюшту.

– Буйлаш, мунуңу тургуза албайсың. Соелу – деди Алманбет чал.

– Бели чыгып кеткен мал болбойт, - деп дагы бири айтты.

– Мал болуп кетсечи, - деди атам.

– Анда мен бир байтал берем деп, Алманбет Буйлашка жакын басып келди.

– Сенин жылкың жок, эгер кырк бир күндө басып кетсе бир эле кой бер.

– Баса албаса мен бир кой берем.

– Силер күбөсүңөр.

Тегиз жерге байталдын төрт буту бата турган төрт жерине чуңкур каздырып байталды ошол жерге жаткырышты. Кырк күн чөп, суу берип багып турдук. Кырк бир күн дегенде мелдешкен кишини жана дагы аксакалдарды чакырды.

– Мына, - деди атам Алманбет экөөбүз мелдештик эле мен ушул байтал кырк бир күндө туруп кетсе бир кой бересиң, - деп.

– Азыр тургузуп көргүлө айыкты бекен.

Төрт кишилеп өйдө көтөргөндө байтал туруп, бээлерди көздөй окуранып басып кетти. Кээси таң калды, кээси Алманбет шоруң катты, бир койго түштүң, - деп күлүп жатышты. Алманбет бир козу алдырып келип, балдарга сойдурду. Эшке кийиз салдырып эл кымыз ичип жатышты. Алманбетти шакаба кылышып тамашалашып, каткырып күлүп жатышты. Эртеси жылкыбызды айдап, жүгүбүздү жүктөп, жолго чыктык. Ошол сен көргөн акчектин түбүнө кырк бир күн жашоо менен «Буйлаш акчек» деген атты эл азыркыга чейин атап келишет. Мына ошондон бери бир жарым кылымча убакыт өтсө да Буйлаштын атын өчүрбөй айтып келе жатышат.

*Кызыл-Суу айылы,*
*2017- жыл 20-октябрь*

## ТАШБООР ТААНЫШ

Таш-Көмүр шаары таш тоолор менен курчалып турат. Күңгөй тарабын чоң-чоң бодур таштар каптап, жайдын күнү шаар ичи үп болуп туруп алат. Бирок ошол күнү Кара-Суунун шамалы согуп, салкын болуп турган. Шаарды экиге бөлүп шаардын ортосунан негизги жол өтөт. Ошол чоң жолдун боюндагы магазиндин эшигинде үч жигит сүйлөшүп отурду.

– Эй достор, - деди Нурбек, менин эжемин курбусу менен сүйлөштүм. Ал Казакстанга иштей турган кишилерди чогултуп жатат. Өзү Аксыдан болот экен. Ушул жерден бусик автобус менен алып кетет. Сами, сен аялың менен акылдаш, эгер көнсө аялыңды ала кетесиң. Эртең ушул жерде жолугушуп сүйлөшөлү.

Бүгүн күн бүркөк. Кызыл-Жар жактан шамал согуп, тоолордун башын туман чалып келди. Нарын дарыясы жыландай ийри-буйру болуп, акканы билинбей тынч. Жеңил машиналар гана нары-бери зымырайт. Кечээ сүйлөшкөн үч жигит дагы жолугуп, кафеге киришти.

– Улук, сен эмне болдуң, барасыңбы? – деди Нурбек.

– Менин үй-бүлөм макул болду. Мен аялым менен барам, - деп Сами обдулуп койду.

– Мен ал аял менен сүйлөштүм. Дагы үч күндөн кийин жөнөйт экенбиз.

Автобус менен кетип жатышат. Бардыгы он бештей адам. Аялдары дагы бар. Саминин аялы Тилла айнек жакта отурат. Казакстанга жакындаган сайын оюна төрт жашар баласы, кайненеси эсине келди.

– Апа, сен көп акча алып келесиңби? Там салабызбы? Эрте эле кел, ээ апа дейт жөнөөрдө. Муну энеси айтканго.

– Экөөбүз кетип жатабыз. Тапкан акчабыздын бирөөбүздүкүн жумшасак да, бирибиздикин чогултсак үйгө жетип калаар, - деп ойлоп жүзүнө кубануу пайда болгондой, жылмаюу пайда болуп Самини карап койду. Ал да мелтиреп ойлуу отурат. Автобуста кетип жаткан адамдар бири-бири ме-

нен сүйлөшүп, тамашалашпайт. Отургандар баары ойлуу, тынч. Кандай жерге барабыз? Кандай иш болот экен? деген ойдун кучагында термелип отурушкандай.

Эмне үчүн казактар бизден өнүгүп кетишти? Алар бизден акылдуубу? Же кендери көппү? Бизде деле жерибиз бар, кенибиз бар.

– Нурбек, эмнени ойлоп келе жатасың?

– Жерибизде байлык туруп деле мамлекет иштете албаганын ойлоп жатам.

– Сен өзүңө тиешелүү үлүшүңдү иштете бербейсиңби? – деди иш издеп кетип бара жаткандардын бири.

– Үлүштү иштетиш үчүн трактор, ага солярка, эккенге үрөн, жыйнаганга комбайн керек. Ушул иштердин бардыгына акча жумшайсың. Ал эми буудай болсо базарда 12-13 сомдон килограммы. Биз бардык байлыгыбызды эгемендүү болдук, бизге демократия керек, бардыгын элге беребиз деп, заводдорду, жерди, малды, сарайлардан бери таркатып жок кылдык. Темирлерди чогултуп, Кытайга арзан баада саттык. Окуу жайлар Казакстанга караганда бизде көп. Бирок окуну бүткөндөргө иш жок.

– Башыңды оорутпа Нурбек, эми мындан ары бизге иш чыгып, иштеп акча тапканды ойлон.

Алма-Атага жетпей ишке келгендерди автобустан түшүрүп, бир залга алып кирди. Ал жерде төрт-беш казак кишилер отурган экен. Баягы аял тизме менен паспортторду жыйнап алып бир жигитке эсептеп тапшырды.

– Ушул адамдар иш берип иштетет, - деп залдан чыгып кетти. Баргандарды бөлүп-бөлүп машинага салып алып кетишти. Нурбек бизден бөлүнүп башкаларга кошулду. Улукту, мени аялым менен бир адам кой бактырам деп алып кетти. Алма-Атадан жүз чакырымча алыстыктагы кыштакка келдик. Малчы үчүн курулган комната, тегеректелген коргон өтө бийик. Мал сарайлар, ноодо суу. Бир эле эшиги бар. Дарбазасы бийик.

– Кенен комната. Ушуга жатасыңар. Жууркан –төшөктөр берилет, - деп иш башкаруучу чыгып кетти. Комнатанын

бир бурчуна Улук жайланышты. Бир бурчуна Сами менен аялы орун алышты. Эки адамга беш башчы дегендей биздин ишибизди карап, контрольдоп турган курсактары чыккан эки семиз жигиттер. Биринин аты Шекен, экинчисиники Берди экен.

– Бул келин тамеки тизет. Тамекинин жалбырагын алып келип берет. Бир күндө тизе турган иши берилет. Ошону толтурасың. Айлыгың алты айда берилип турат. Ичкен тамагыңа эсептеп кармап калабыз. Силер экөөң 500 кой, он уй багасыңар. Азыр жер кара, жайытта багылат. Кышындасы тоют берилет. Силердин айлыгыңар дагы алты айда берилип турат. Уй жоголсо, кой жоголсо төлөнөт.

– Бизге бул жерге алып келген аял, оокатыңар бекер, айлыгыңар ай сайын берилет деген эле?

– Бизде ал аялдын айтканындай болбойт. Айткан ишти аткарасыңар. Кириңерди жууганга самын, кийимиңер жыртылса кийим беребиз, - деп чыгып кетишти.

Иштеп акча табабыз деп келгендер бири-бирин карап, унчукпай туруп калышты. Кайсы тараптан келгендерине көздөрү жетпейт. Мелмилдеген тегиз талаа. Тээ алыстан бүлбүлдөгөн тоолордун элеси көрүнөт.

Иштер уланып, күндөр, айлар өтүп жатты. Иш оор, өзгөчө Саминин аялынын иши оор экен. Эсептеп берген темир шишти толтура албай калып жатты. Иштетип жаткан адам күндөн –күнгө «эмне үчүн норма аткарылбайт?», - деп жаман сөздөр чыгып, запкы күчөдү. Анын үстүнө тамеки жалбырактын сасык жыты кыйнайт. Улук менен Саминин иши да жеңил эмес. Талаада кой көп. Кошулуп кетеби деп кечке карап турушат. Уйлар сайгактайт, аларды алыска кетирбөө керек болот.

Алты ай болгондо биздин акчага миң сомго барабар болгон тенге берди.

– Калганы жыл аягында, - деди иштеткен киши Шекен.

Суук болуп түндөсү үшүй баштадык. Бир күнү иштетип жүргөн кишиге үчөө арыздарын айтышты. Комната суук,

ошондуктан от жактырып бериңиз. Айлыгыбызды иштегенибизге карап ай сайын бергиле.

– Чоң нерседен үмүт кылат турбайсыңарбы. Айлык жөнүндө ооз ачпагыла, силерди бир аял сатып кетти. Силердин үстүңөрдөн көп миллиондогон акча алды. Ошондуктан кийиминңер бүтүн, курсагыңар ток, иштей бербейсиңерби?

– Биз пул табабыз деп келгенбиз. Бизге паспортубузду бергиле. Иш издейбиз.

– Паспорт берилбейт. Мен шефке айтайын, - деп күлүп койду.

Эртең менен эрте машина менен үч казак жигит келди. Жүздөрүнөн жакшылык келбегендей түр көрүнөт.

– Бери келгиле үчөөң, - деди.

Улук, Сами аялы менен келгендердин жанына барышты.

– Силерди Алимбү деген аял сатып кетти. Акча төлөдүм. Эми силер менин жумушчуларым болосуңар. Айлык болбойт. Кийиминңер, оокатыңар менден болот.

– Бизге мындай деген эмес ал аял. Паспортторубузду бериңиз.

– Эй жигит, бери кел. Улук жанына барды.

– Мына сага паспорт, - деп туруп бетке күч менен урганда Улуктун мурдунан кан дирилдеп атып кетти. Дагы бөйрөккө тепкенде жатып калды. Сами ал кишиге жулунганда аялы кучактап, токтотуп калды.

– Алып барып муну эртеңге чейин камап кой, паспорт сураганды, - деп машинага түшүп кетип калды.Сами менен аялы жашаган комнаталарына келишип. Экөө эки жерде отурушат. Тилла балдарын ойлой баштады. Балдарынын « Апа эртерээк эле пул таап келиңиз аа» деген сөздөрү эсине келгенде көздөрүнөн мончоктоп жаш чыгып, жаак ылдый куюлуп жатты. Жашын арчууга дареметі жетпегендей кыймылсыз бир жакты караган боюнча отурат. Сами болсо муштумдары түйүлүп, жаак эттери кыймылдап, купкуу болуп турат. Эртеси кечинде Улукту чыгарып келишти. Нурбектин тилине кирип, ушундай абалга туш болдук. Башка

арга жок. Ден соолугубузду сактап, эсен болсок бир күнү эркиндикке чыгаарбыз, - деди Улук улутунуп.

Тилла өзүнчө он беш уй саайт. Жем берет, чөп берет. Сүтүн өлчөп тапшырат. Улук менен Сами болсо беш жүздүн айланасындагы кой багышат. Тыным жок. Кайгылуу, сарсанаа болгон күндөр. Оор жумуш менен коштолуп айдан ай, жылдын жыл өттү. Жүргөндөрүнө эки жылга аяк басты. Тилланын боюнда бар экен. Ичи билине баштады. Иштеткен кожоюн ачуусу келип:

– Балаңы аборт кылдыр, балаң менен иштей албайсың, -деди. Тилла ачуусу келип «Эмне дейсиң?», - деп бир кыйкырып алып, кожоюндун жакасына асылды.

– Ишиңи кылгының, - деп түртүп ийип басып кетти. Кечинде Самиге ыйлап айтты. Ал барып:

– Эмне үчүн аборт кылдыр деп айтасың, аборт кылдырбайбыз, ал менин балам, - деди.

– Болуптур, озүңөр билгиле, - деди. Эртең койлорду жайытка алып барып, үч күн ошол жерде болосуңар. Сарайды тазалатам. Оокатыңарды алып барып берет.

Тилла эч нерсе менен иши жок баягы ишин иштеп жатты. Баардык ою ушул жерден кантип кутулуп кетүү. Ишке алаксыйын десе да болбойт. Кайра эле балдарын ойлонот, ичинен сыздайт, үшкүрөт.

– Тилла, - деди иштеткен адам, биздикине көп меймандар келди. Барып жардам берип койчу.Тилла таң калды, эки жылдан бери жакшы сөз айтпаган, бүгүн эмне суранып калды. Үйүнө барса эки жигит, бир улгайган аял отуруптур.

– Сени аборт кылып, балаңы алып таштайлы, - деп келдик. Балаң менен иштей албайсың.

– Мен аборт кылдырбайм, - деди Тилла. Чуркап барып аялды түртүп жиберди.

– Кармагыла, - деди аял берки жигиттерге.

Кыйкырып, каргап шиледи. Эки жигит эки колунан кармап турду. Ал аял кагаздагы дарыны жыттатканда тынчып, уктагандай болуп калды. Иштерин бүтүп, төшөккө жаткырып коюшту.

– Жакшылык көрбөгүлө, - деп ыйлаган боюнча кала берди.

Сами келгенче Тиллага иш бербеди. Сами келгенде боздоп ыйлап туруп, болгон ишти айтты.

– Сен алар менен урушам дебе, майып болуп каласың.

Бирок Сами чыдабады. Иш башкаруучуну түртүп, муштап жиберди эле, ал Самини тура алгыс кылып сабап салды.

Бир күнү үчөө сүйлөшүп, Улукту бул жерден качырмай болушту. Каткан нандарды баштыкка салып, бекиткен пулдарын беришти. Эптеп качып барып, биздин чоңдорго акыбалды айт. Бизден башкалардын абалы деле биздей. Эки күн жүргөндөн кийин Алма-Ата жолуна чыкты. Жолго чыгып жөө эле кетип жатты эле бир казак чал эки аял менен машинада кетип жаткан экен. Машинасына отургузуп алды.

– Каякка барасың? Кыргызсың гой?

– Ооба, кыргызмын, иш издеп жүрөм. Алма-Атага канча калды аба? – деди Улук.

– Бир саатча жүрөбүз.

Көп узабай эле машина текшерип турган милиция бар экен машинаны токтотуп

– Праваңыз барбы аба? – деди.

Документти көрсөттү.

– Тиги ким? – деди Улукту карап.

– Бул иш издеп жүргөн кыргыз бала экен.

– Түшкүн, менде иш бар.

Улук жаман акыбалда калды. Түшпөй койсо күч менен алып түшөт. Өңү купкуу болуп, эттери титиреп кетти. Милиционердин үйү жол боюндагы кыштакта экен. Үйүнө алып барып

– Менин үйүмдө турасың. Ушул жерден туалет казасың, - деп үйүнүн аркасынан жер көрсөттү.

– Ушул ишти бүтсөң кетесиң. Тереңдиги он беш метр болсун, - деп кетип калды.

Ишти бүтөйүн деп калганда коңшусу улгайып калган адам Улуктун жанына келип отурду. Аты Серкебай экен.

– Балам, сен кай жерден болосуң?

– Мен Кыргызстандын Жалал-Абад деген областынын Таш-Көмүр шаарынан болом.

– Мен Кыргызстанда туулуп, Чүйдүн Шалта деген жеринде өстүм.1930- жылдары Казакстанда эки-үч жыл кургакчыл болуп, чөп өспөй, эгин болбой, ачарчылык болгон. Казактар кыргыз жерине келе баштаган. Ошондо менин атам өлгөн уйдун терисин, эчкинин терисин ийлеп, жалгыз атына жүктөп алып, Кара-Балта деген жерине барып, туруп калган экен. Ошол жерде үч уул, эки кыздуу болуп, жашап турган. Туугандарыбыз ар кайсы жакка чачыраган. «Кыргыз эли меймандос, боорукер эл болот. Мени казаксың деген жок, эл катары иштедим. Өнөрүм бар эле. Ат жабдык жасадым, жүгон, куюшкан, басмайыл, көмөлдүрүк, ошондой эле ээр жасап саттым. Согуш мезгилинде тылдагы ишке эл катары иштедим» дечү эле атам. Бизди туугандарыбыз 1970-жылдары Казакстанга көчүрүп келишкен. Биз кыргыздардын жакшылыгын кантип унуталы. Сен бул жерден качып кет. Иш бүткөндөн кийин каматып коет. Уулдарымдын бири МЧСте кызматкер, сени Кеминдин чегине жеткирип коет, - деди Серкебай аянычтуу Улукту карап. Серкебай Улуктун көзүнө эң жакын, боорукер адам болуп көрүндү. Айтылган сөздөрү жүрөгүн жылытып, денесине өзгөчө бир чыңалуу берди. Казактарда деле жакшы адамдар болот турбайбы деген ой келип отурду.

Серкебайдын уулу Нурдин ачык-айрым экен. Инисин көргөндөй болуп сүйлөшүп жатты. Улук башка эркин дүйнөгө келгендей көөнү ачылды. Казак чек ара постунан өткөрүп кетти.

Улук кыйын ишке кептелди. Сами, Тилланын абалын кантип апасына айтам деген ой басты. Саминин апасы ыйлап тосуп алды.

– Кана Сами? Кана Тилла? Алар кайда калды? – деди, көз жашын төгүп. Балдары элейип Улуктун оозун карашат, эмне дейт экен дегенсип.

– Аяш эне, балдарыңыз жакында келишет. Тапкан акчалары банкта сакталуу.

– Эки жыл болду. Кыйналдык. Пенсиям болсо аз. Пособия бербейт, телевизоруң бар дешет. Жакшы кабарыңа рахмат, -деп жүзү албырып, кубанып калды.

Улук эшикке чыкты. Айлананы туман каптап, Таш-Көмүрдүн таш тоолорун курчап алган. Улуктун жүрөгү сыздап, дем алуусу кыйындагандай абалда болуп жатты.

Областтын, шаардын тиешелүү органдарына кайрылды. Элчиликке кабар бердик дешти, бирок үч ай өтсө да жыйынтык жок.

Саминин апасы балдары кыйналса да күтүп жатышат. Ал эми мен көрүп келген досумдун жашоосу эмне болду экен деп ойлоп Улуктун ою онго, санаасы санга бөлүнөт.

*Кызыл-Суу айылы,*
*07.03.2017-жыл*

## ТИРҮҮЛҮКТӨГҮ ТОЗОК

Эргеш жолдун боюндагы алманын түбүндө отурган эле. Кадырбек (аты өзгөртүлдү) атчан үйүнөн чыгып тоону көздөй атчан бастырып бара жатса Эргеш кыйкырды.

– Кадырбек, бери кел, -деп.

– Айта бер, -деди Кадырбек кабагын бүркөп, талаага жыйган чөбүмдү мал жеп жатат дейт ошого барам.

– Мейли, келе жатканда мага учурап кет.

Кадырбек кайра келсе Эргеш баягы эле ордунда отурат. Аттан түшүп Эргештин жанына келип, учурашып отурду.

– Азыр Сатымкулдукунда кой союлуп жатат. Колхоздун чоңдору отуруш кылышат экен. Мени, сени чакырган жок. Акай азыр Калма-Кырчындан келет. Ошого союлган кой колхоздуку болуш керек, ошону Акай көрсүн, ошол айтып жаман көрүнсүн. аңгыча Акай келип калды.

– Эмне, жели түгөнгөн Тазкарадай болуп отуруп калгансыңар?

– Сатымкулдукунда кой союшуп, активдер отурушат, бизди айтышпады.

– Сен кирип, отуруп кет.

– Жок, кете берейинчи. Чакырбаган жерге барыш туура эмес да.

– Бара бер, сен бригадирсиңда.

Акай кыйылып туруп кой сойгон үйгө бастырып кетти. Атаганат, бир ирмем менен, бирөөнүн бир сөзү менен тозокко бурулуп кетти. Түрмөнүн эшиги ал үчүн ачылганын кайдан сезсин, сезген жок. Эркиндикте жашоо убактысы бир жарым эле ай калганын кайдан билсин, билген жок.

Жети-сегиз адам отурушкан экен. Теңинен көбү аялдар. Кой ферма башчысы, кампачы, эсепчи баш болуп бозо ичип жатышыптыр. Эт келди. Акайга койдун башы тийди.

– Мага баш келди башкарма болом. Ал эми союлган кой колхоздуку турбайбы. Бул туура эмес. Согуш жүрүп жатса, биз болсо колхоздун коюн жеп жатсак, - деп баштын кулагын кесип, бет аарчысына ороп, чөнтөгүнө салып алды.

Бул отургандар уюшуп сүйлөшүштү. Акай эми жөн койбойт бизди. Кулак күбө болот. Андан көрө каралап, жалган жалаа жаап айылдык кеңешке, прокурорго, НКВДга билдирүү жасайлы. Ошентип, буларга Кадырбек менен Эргеш кошулду, мектептин директору баш болуп жалган жалаа жабылган каттар органдарга жөнөтүлө баштады. Ал эми Акай болсо колхоздун иши менен алаксып ал эсинен чыккан эле. Бул ишти башкарма менен сүйлөшүп, койду ордуна койдуруп, эскертүү беребиз деген ойдо болгон. Бирок ага жеткирбей НКВДнын эки адамы келип үйүн тинтишти. Үйдөн эч нерсе деле табышпады. Беш атар мылтык, 28-мылтык, кылыч бар эле алардын документтери бар экен. Себеби согуштан мурда колхозчуларды согуш ыгына үйрөтүүчү командир болуп иштегендигин айтты. Касиет деген эжебиз убактылуу биздикинде жашап турган эле. Анын сандыгынан революцияга чейинки он башынын печаты чыкты.

Бул менин кайнатамдыкы болучу. Сөйкө жасатам деп алып жүрдүм эле. Печатты алып кетти.

– Биз менен кетесиң, - деди келген милиционер. Тамак ичүүгө да убакыт бербеди. Энем, апам болуп, үй-бүлөбүз менен эч нерсеге түшүнбөй ар кимимиз ар жерде бозоруп отуруп кала бердик. Атка учкашып алгандан кийин көпкө чейин аркасын карап:

– Коркпогула, сабыр кылып, оокатыңарды кыла бергиле. Мен кайра келем, - деп узаганда кыйкырып кетти. Карааны көрүнбөй калгыча карап отурдук. Ушул кеткен боюнча түбөлүк түрмөдөн чыкпай жүрүп, акыретке кетээрин өзү да, үй-бүлөсү да билген жок.

Ошол мезгилде № 7-түрмө деп аталып, эрежеси катаал Союз боюнча белгилүү түрмө болгон Жалал-Абаддагы түрмөнүн бир адамдык камерасына камап койду. Үч күн сурак да болбоду. Оокаттын нормасы жалпы түрмөдөгүлөрдөй болуп берилип турду. Үч күндөн кийин сурак башталды. Тергөөчү Оштон Орто Азиялык согуштук трибуналдан чакырылган экен. Бир күнү саат ондор чамасында болуш керек эле часовой эшикти шарк ачып:

– Эшикке чыгыңыз, - деди.

Айдап барып бир кабинеттин эшигин ачып киргизди. Төрдө коюлган столдордун баш жагында жыңалбаш, гимнастеркачан жарылгыдай семиз, муруту уюлгуган, сары, көзү боеп койгондой көк, каардуу көрүнгөн орус киши чакчайып карап калды. Заары бетинен чыгып турат.

– Отур, - деди түртүп, айдап келген часовой киши. Алысыраак стул бар экен ошого отурду. Дагы эле маймыл көргөндөй кароодо. Кыргызчадан орусчага которо турган котормочу окшойт өзбек, улгайган адам экен. Тергөөчү орус папкасын алып, сурак жүргүзө баштады.

– Орусча билесиңби? – деди.

– Түшүнөм. Бирок кээ бир сөздөргө жооп бере албай калышым мүмкүн. Котормочу керек, - деди.

– Фамилияң?

– Кожомбердиев

– Инициалың?
– Кожомбердиевич
– Туулган жылың?
– 1915- жыл. Май айы.
– Энеңдин фамилиясы, аты?
– Атамбаева Айша. 1875- жылы туулган.
– Аялыңдын аты?
– Кожомбердиева Уулкыз. 1948- жыл
– Акаев Маматкадыр уулу 1936-жыл, Акаева Авакан кызы 1938- жыл. Ошондой эле бир туугандарынын бардыгын, эмне иште иштегендигин толук жазды. Согушта кайсы бөлүктө согушкан командирдин аттарынан бери жазып алды.
– Согушка чейин эмне иш кылгансың?
– 1939- жылы Фин согушуна катышканмын. 1940- жылы Ленин колхозунда (Октябрь району) колхозчуларды согушка үйрөткөн топтун командири болуп иштегенмин.
– Немецтердин наны ак болот, солдаттарынын кийген кийими сапаттуу, куралы жакшы деп айтып жүрүптүрсүң? Көрдүң беле?
– Жок. Бул жалаа. Жалган.
– Үйүңөн револючиядан мурдагы он башынын печаты табылыптыр. Эмнеге сактап жүргөнсүң?
– Печать меники эмес. Ал жжемдин кайнатасыныкы экен. Көргөн эмесмин.
– Жарадар болгонуңда кайсы шаарда госпиталда жаттың?
– Казань шаарында жатканмын.
– Эмне үчүн немецтердин куралын, кийимин, нанын эл арасында мактап айтып жүрдүң?
– Эч кимге айткан эмесмин. Кайталайм. Бул жалаа.
– Мына, он бир кишинин колу турат. Бардыгын окуп берди. Ой. тобоо, өзүбүздүн эле кошо жүргөн кишилер. Төрт аялдын аттары, колдору коюлган. Атаганат, адам түспөлдүү уулуу жыландар болот экен, деп ичи сыздап, муздай болуп

муздап «Баары жалганчы, баары мага кас адамдар» - деген сөз оозунан зорго чыкты.

– Чындыкты айтсаң ишиң жеңил болот. Ушул айткандардын баарысы туурабы? Эгер туура болсо жакшылыкча бул кагазга кол коюп кой, - деп жазылган кагазды алдына койду.

– Туура эмес, баардыгы жалган, өздөрүнүн күнөөлөрүн жабыш үчүн ушундай нерселерди жок жерден таап жатышат. Акай койдун башы жөнүндө, кой колхоздуку экенин айтты.

– Кана койдун эни, эмне менен далилдей аласың?

– Эмне үчүн эмдигиче айтпай жүрдүң? Атаң болушта старчын болгонбу?

– Болгон экен, мен билбейм. Бир жашымда кайтыш болгон.

– Бул адамды жалпы камалгандарга кошкула. Армияда кызмат өтөгөндору текшерилет. Тылда дагы кандай нерселер болгонун текшеребиз. Алып кеткиле!

Акайды жалпы камалгандарга кошту. Чоң зал сыяктуу бөлмө, эки кабаттуу кровать, тытылган матрас, эң акыркы кроваттын үстүнкү полкасын көрсөттү. Полкага чыкпай полго отурду. Сакалдары өскөн, арык, ар кандай улуттун адамдары тегеректеп калды.

– Аскерден качтыңбы? – деди бир сакалы өскөн, көзү чүңүрөйүп ичине кирген кыргыз киши.

– Жок. Жалган жалаа менен душмандарым, көрө албагандардын жазгандарына ишенип камашты.

– Согушка баргансыңбы?

– Ооба, жарадар болуп келдим эле, жамбаш сөөктө ок калган, аксап басам.

– Эми болду, чыга албайсың түрмөдөн, согуштук трибуна соттойт.

– Немеңтерди мактапсың, үйүңөн печать чыкса эки статья менен кетесиң. Ука жок дегенде он беш жыл же атуу болот, - деди.

Бир орус киши басып келип бул киши армиядан качпаса, согушта жүрүп жарадар болсо анан трибунал соттосо адам-

герчилик болбой калыптыр. Советтик системанын жаман жагы ушул. Күнөөсүз камалып, түрмөдөн чыкпай калгандар миллиондоп саналат. Кайран жигит өшолордой тагдырга туш болуптур. Муну соттоп, эмгек түзөтүү лагеринде кармайт. Эки жыл зорго чыдайт. Биз деле жакшылык көрбөйбүз дегендей кайгылуу көздөрү менен таркап кетишти.

Сот боло электе эле булар статьяны коюп коюшту. Акай полдо эле башын мыкчып отуруп калды. Эмне үчүн ошол жерге бардым экен? Эмне үчүн койдун бышкан башынан кулагын кесип, чөнтөгүмө салдым? Эмне үчүн сөюлган койду төлөтүп, эскертүү бербедим? Аттиң, ойлонбой туруп, омурткам сынды. Камырабай жүрүп кабыргам сынды. Алдым казылган ор, аркам жалама зоо, кутулууга арга жок. Алдымда сурак, кыйноо жана өлүм.

Тагдырым ушундай татаал жана армандуу беле? Жашым жыйырма тогузда. Атам бир жашымда өлүп, бир туугандарым менен жетимчиликте өстүк. АнанФин согушуна катыштым. Андан кийин 1941- жылдагы согушта жарадар болдум. Эми минтип душман катары түрмөдө отурам. Башында кийгени эскирген кара көрпө тебетей, үстүндө согуштан кийип келген шинелл. Акайдын өзөгү өрттөнүп үй-бүлөсүн эстеди. Алтыга чыккан уулу, төрт жашар кызы, улгайган апасы, аялы калды. Эмне болушту экен? Кийимдери начар эле? Ушинтип денеси муздак нерсе баскандай муздаптурганда тебетейин бир адам келип шарт башынан жулуп алды. Караса узун бойлуу, сакал-муруту өскөн өзбек жигити жанында турган экен. Акай тура калып тебетейин колунан сууруп алды. Кроваттын түбүндө турган жыртык галошту алып туруп Акайдын бетине такады эле Акай анын кагыпийсе галош ыргып кетти. Ал киши эми эптенип туруп урарда төмөнкү катарда жаткан узун сакал адам урбаагын деп кыйкырды.

– Нима, нима дедиң, - деп тигинин жанына барып, бутун сакалына тийгизип, ашатып сөгүп кирди. Аладам тура калып тепкенде ала салып чалкасынан кетти. Тепкен адам татар улутунан Галим деген жигит эле. Акай менен сүйлө-

шүп таанышкан. Бул өзбек жигит Маргаландык аскердик чакырууга барбай жүрүп, колго түшүп камалган,камалгандан бери түрмөдөгүлөрдүн башчысы « Пахан» атка конгон. Өзүнчө жатат. Оокатты да бирөөлөр алыпкелип берет. Нооман тургун деп жатышты жанындагылар. Экөө тирешип калышты. Нооман Галимди бетке сокту эле мурдунан дирилдеп кан куюлуп, бети кызыл жаякан болду. түрмөдөгү жаткандар келип, жардап карап калышты. Экөө өз билген приемдору менен согушуп жатышты. Бирок Галимдин ыкчамдыгы беркиден тез экендиги байкалды. Эл тынч карап турушат. Ызы-чуу жок. Бир маалда Галимдин буту менен соккон соккусу Ноомандын ээгине тийип кулап түшүптур байкалды.качан турат деп карап туруп калышты элдер. Бирок көпкө турбайкалды.

– Менин ордума жаткыргыла, - деди Галим. Акай баш болуп Нооманды Галимдин ордуна жаткырышты. Ал эми Галим болсо Ноомандын ордун ээлеп, «Пахан» балупкалды. Кечинде жатаарда аянтка алып чыгып тизме тактап, кайра ашканадан катарга туруп, 100 граммдан кара нан, кичинекей идишке баланда берет. Анысы азыраак ун кошкон кебектен жасалган суюк атала.

Эртең менен дайыма саат алтыда тургузуп дагы аянтка алып чыгып тизме угузулат. 5-6 күндөн бери Акай кошулган команда кыш жыйууга иштеп жатышты.

Февраль айы күн суук. Кар болсо көп, кыш муздак, колк ап бербейт. түшкө чейин иштеген команда түштөн кийин иштебейт. Иштеткен милициялар өтө корс, иштегендерди сөгүп, кордошот. Акайдын үнү бүтүп, үнү чыкпай калды. Кошо иштегендер сурап калышат эмнеболду деп. Үйдө деле ушундай болчу эле, бирок сүт ичип, май жесем үнүм чыгып калчу. Эми минтип адам кейпин кийген жыландардын куйругун басып, өлүм же 15 жыл түрмөнү күтүп отурам, - деп көзү жашылданып, өңү муңайып, адамдын бору ооругандай абалга келип турду.

– Колуңдагы кышты ташта, - деди жанында турган шериги Усман.

– Колуң кышка жабышып калбасын. Ошондо Акай селт этип чочуп, кышты ордуна койду. Кээде вокзалдан машинага көмүр жүктөөгө алып барат. Ошондо Акайдын эки көзү төрт болуп жанынан өткөндөрдү карай берет. Кызыл –Суулуктардан учурап калаар бекен деп. Бир да тааныш учурабады. Үч күн иштетти.

Ойлогон ой менен, сыыздаган кайгы менен, үшүгөн дене менен, ач курсак менен түрмөдөгү ит турмуш өтүп жатты.

Ошентип, 1944- жыл башталды. Бир күнү милиционер келип, Акайды жүргүн деп ээрчитип кетти. Айдап барып, темир эшикти ачып киргизди. Бурчтагы столдо эки НКВДнын адамдары отурушат. Столдо муруту чычайган, көзү чочконун көзүндөй болгон заары тышына чыккан орус киши, жанында татар котормочу тик турат.

Сурак башталды. Биринчи эле сурактын суроолорун кайталап берди. Бул да жалганбы? Бир барак кагазды котормочуга берди

– Окуп бер.

Бул кагаз Эргеш деген досунун билдирүүсү экен. Акай четендин ичине оро кылып буудай көмгөн деп, өзүнүн көмгөн буудайын колхозго өткөрүп берет. Акайдын муздак денеси ого бетер муздап, жакын досунун ушундай ишке баргандыгын угуп, денеси титиреп, мууну бошоду. Эгер мен буудай алсам үйгө эле алып кетет элемда. Эмне үчүн Эргештикине коем? Бул да менин түрмөдөн чыкпай калышыма шылтоо таап каралоо. Акай колу менен тебетейин оңдоп жатканда жанында турган желдет таягы менен колго чапканда колу аркасына чабыла түштү.

– Мына, - деди тергөөчү орус

– Бул протокол. Күнөөлөрүң жазылган. Окуп которуп бер, - деди котормочуга. Ал орусча окуп кыргызчага чалабула которуп жатты. Бирок Акай орусчасын түшүнүп жатты.

1. Армияда сен немецтерге колго түшкөнсүң, бирок сени тылда тескери үгүт жүргүзүп, немецтерди мактап, Совет-

тик элдердин ортосунда ырксыздык пайда кыласың деп кое берген.

2. Атаң болушта старчын болгон экен. Эски заманды көксөгөндүктөн он башынын печатын сактап жүргөнсүң

3. Мамлекетке каршысың. Колхоздун буудайынан өзүңүн пайдаңа алгансың.

Ушундай түзүлгөн суректын протоколун алдына койду. Кол коюп койгунуң. Өзүңө жеңил болот. Котормочу

– Жолдош тергөөчү мунун колунун муундары ийилбей катып калды, - деди.

Кое турбайсыңбы дегенсип, желдетти бурулуп карап койду.

– Кол кое турган болсо сол колу менен деле коет. Бирок жалган нерсеге кантип кол коеюн деп ойлоп турду. Акай койгон күнөөлөргө төмөнкүдөй жооп берди:

– Печать меники эмес, эжемдин сандыгынан чыккан. Атам старчын болгон, бирок мен бир жашымда өлгөн. Өзүм Советтик заманда өстүм. Падышалык бийликтин заманын билбейм. Буудай алган эмесмин, бул карандай жалаа.

Тергөөчү тура калып бетке уруп жибергенде мурдунан диркиреп кан атып кетти. Канды жеңи менен аарчы:

– Жалган сөзгө ишенип түзүлгөн кагазга кол койбойм, - деп шылкыйып отурду.

Желдет таягы менен желкеге урганда отургучтан бүк түшүп жыгылды. Эсин жоготту.

– Алып кеткиле, - деди тергөөчү милицияны кыйкырып.

Эки милиционер эки жагынан сүйөп, сүйрөп барып ордуна жаткырып кетишти. Бул эки кишилик камера эле. Бир нече сааттан кийин эсине келди. Колунун учу иштебей калган. Башы ооруйт. Желкесиндеги эки чоң тарамыш ооруп, башы аркасына тартылат. Эшиктин тешигине эки кесим нан, суу коюп кетти. Тура албайт. Шыпты карап жатат. Жанында жаткан адам да суракта сабалып, эки күн мурун келип жаткан экен. Онтолоп туруп, тушагандай басып, нан менен сууну Акайга алып келип берди.

– Протоколго кол койдуңбу?

– Жок, жалган болсо кантип коем.
– Туура кылыпсың. Эгер кол койсоң атууга кетесиң.
– Чыда, тирүү каласың, көп жылга кетсең да.
Акай болсо бардыгына кайдыгер. Тирүүчүлүккө да, өлүмгө да. Денелери коргошундай оор сезилип, урган жерлери сыздайт. Суукта өзгөчө ок тийген жоон саны какшап ооруйт. Жаткан камеранын дубалдары бийик бир гана кичинекей темир тордолгон терезе. Комнатанын ичи күңүрт жарык. Терезени карайт, асман көрүнөөр бекен деп, жок көрүнбөйт. Кайра үшкүрүп жер карайт. Үч күндөн кийин дагы сурактын мөөнөтү келди. Баягы эле комната, баягы эле орус тергөөчү, баягы эле желдет. Мурдагы протоколду котормочу орусча окуп кыргызчага которгондо, которбой эле кой бардыгы түшүнүктүү деди Акай. Келген арыздар, түшүнүк каттар, мага коюлган жалган жалаа кол койбоймун. Котормочу которду. Тергөөчү орус тура калып, жакадан алып, жыгып алып тепкилей баштады.
– Эмне үчүн урасың? Менин күнөөм жок. Мамлекетке чыккынчылык кылган эмесмин. Тергөөчү чарчаганда гана токтотту да
– Алып кеткиле, - деди.
Дагы өлүм заңги болуп орунда сулап жатты. Кечке маал гана эсине келип, кыймылга келди. Эсине согуштан келип, колхоздо биригадир болуп иштеген күндөрү эсине келди. Жошоонун чоң кырман деген жериндеги буудай, арпа бастырып жаткан мезгил көз алдынан чубап өтө баштады. Кырманга тизип чачып койгон буудайлар, соко ташты кошуп алып, эки бала аттарды желдирип, тынбай тегеренишет. Аялдар болсо буудайдан ажыраган саманды чогултушат. Кырмандын четиндеги үйүлгөн топондуу кызылды беш буттуу тырмоо менен бир адам сапырат. Кызыл жерде калып, топон шамал менен асманга бырыксып учуп, күндүн көзүн көрсөтпөй калат. Бардык адамдар кыймылда, отурган адам жок. Кандай гана алтындай мезгил болгон. Бардык эл өз иштерин жоопкерчиликтүү аткарышат. Айлык жок дешпейт. Чарчаганын айтып арызданышпайт. Бийлик баш кө-

төртпөйт, айтсаң күнөлүүсүң. Аттиң дүйнө, эркиндиктин баркын эркиндиктин баркын, баасын эркиндиктен ажыраганда сезет турбайсыңбы. Тагдыр деген ар кимде ар башка болот экен да. Мага катаал, армандуу тагдыр жазылган окшойт. Адам деген аз жашайт экен бардык эле адамдарга бирдей бактылуу тагдыр жазылса болбойт беле? Адам бири-бирине карышкыр экендигин жон терим менен сездим. Көрө албастык, ичи тардык, бийлик кумары адамдардагы айыкпас оору турбайбы? Жүрөгү сыздап, алсыз жатты. Эргеш менен Алымбекти колхоздун башкармасы кечинде биздикине баргыла деп чакырып кетти. Башкарманын үйүндө үчөө сүйлөшүп отурушту.

– Акайды түрмөдөн чыгарбоо үчүн ар кандай ишти таап, жаза берели, - деди башкарма берки экөөнө.

– Кандай ишти таап жазабыз, - дешти эле.

– Сенде көмгөн буудай барбы? Эгер болсо ошону Акай көмгөн деп жазып бер мага, аны колхозго алабыз. Сага кийин кайра берем. Мектептин директоруна да, прокурорго да билдирүү жаздырып жөнөтүп жибердим: анда Акай «немецтердин наны ак, куралдары жакшы, алар жеңет» дегендей жазылган. НКВДга түшкөн каралаган кагаздар ошолор жазган арыздар экен. Кандайдыр бир апта сурак токтоду. Ошол мезгилде согуш трибунасынан Акайдын служба кылган бөлүгүнө, жарадар болуп жаткан госпиталга жиберген каттарына жооп келген. Анда Акайга эч кандай доомат коюлган эмес. Бирок жеринен келген каттар боюнча соттоо керек эле. Бир күнү дагы суракка чакырды. Дагы баягы эле протоколду столго коюп кол койгунуң деди. Койбойм. Бардыгы жалган. Оң колунун билегине таяк менен чапты эле колу шылкыйып жаны жоктой боло түштү. Экинчи таяк тизеге тийгенде көмкөрөсүнөн бүк түшүп жатып калды.

– Тургузгула, - деди суракчы кыйкырып, дубалды караткыла.

Дубалды каратып, кармап турушту. Суракчы кыжынып келип таягы менен жарадар жамбашына чапканда кыйкырып, туйлап- туйлап, эти титиреп, шылкыйып калды.

– Столго жакын сүйрөп келгиле да, колун кармап кол койдургула, - деп тамеки чегип отурду.

Ручканы карматып, колдун үстүнөн кошо кармап, эптеп чиймелеттиришти. Көзүн ачса ордунда жаткан экен. Галим, дагы экөө келип жанында отурушуптур.

– Мойнуңа алдыңбы? – деди Галим.

– Жок.

– Азамат экенсиң. Чыдамдуу турбайсыңбы. Сендей адамды каматышкандар адам эмес айбандар экен. Сага окшоп уруп сабалганбыз, үнүбүз кудайга жеткидей болуп, боздоп ыйлаганбыз, бирок жалган делого кол койгон эмеспиз. Эми биз соттун чечимин күтүп жатабыз. Сени да эми суракка алып барбайт. Соттун чечими болгуча жашай бересиң. Ошентип түрмөнүн ит турмушу өтө берди. Адамдын жаны иттий жанындай окшойт, жашап жатамго деген ой келет Акайга.

1944- жылдын кышы болуп калды. Кээ бир түрмөдөгүлөргө сот болот экен деген сөз таркай баштады. Бир күнү «Ташкенден адамдар келди» деп калышты. Акайды конвойлор айдап барып сот залына киргизишти. Залдын төрүндө үч адам отурат. Арасында бир өзбек киши отурду. Ошол киши бир жакшылык кылчуудай Акай аны жал-жал карап жатты. Күбөлөр боюнча да, адвокат боюнча да сөз болбоду. Адвокатсыз тергөө жүргөн болчу. Жабырлануучуга да сөз бербеди. Сот жабык түрдө болду. Чечим угузулду. 205-РСФСРдин статьясы революциянын ийгилигине каршы чыккан. Печать сактаган.

2-статья немецтердин бийлигинин келишине көмөктөшүүдө. Бардык жагынан мактоого алып, элдин ыркын кетирген. Кожомбердиев Акай он беш жылга эркинен ажыратылат. Сот болгонго чейинки бир жыл 5 ай алып ташталып сегиз жарым жыл эмгек түзөтүү лагеринде мөөнөтүн өтөсүн. Беш жыл шайлоого катыштырылбасын. Бул чечимди Орто Азиялык согуштук трибуналы Россиянын мыйзамы менен чыгарды. Көп узабай Орто Азия боюнча жүз адамды вагонго жүктөп Сибирь жакка алып жөнөштү. Вагон мал ташынганга ылайыкташтырылгандай. Вагондун полуна

саман салып эски, жыртык матрастарды таштап койгон. Камалгандардын бардыгы арык, сакалдары өскөн. Үч маал баланда жана эки кесимден кара нан берилет. Ушундай акыбалда он эки күн дегенде Туванын Кызыл деген шаарына түшүрдү. Шаар тоонун арасында экен. Суук сөөктөн өтөт. Кар көп жаагандыктан көчөнүн эки жагы күрөлгөн, кар үйүлүп турат. Түрмөдөгүлөрдү машинага бөлүп- бөлүп салып, жыйырма минутча жүргөндөн кийин лагерге алып барды. Лагерь үч гектарча жерди ээлейт экен. Ар бир эки жүз метрче жерде кароолчу сакчы турчу вышка орнотулган, жарык берүүчү фонарик турат. Эки метрче бийиктикте кашаа тикетек зым менен тосулган. Жапыс, жапыс төрт жерде казарма турат. Өртодо аянча элүү адамдык зал экен. Бир эле катарлуу кроваттар коюлган. Тизме боюнча кровать бөлүштүрүлдү. Акайга акыркы кровать тийди, суук сөөктөн өтүп турса да эки жүзгө жакын адам аянтка тизилди. Жергиликтүү убакыт боюнча саат сегиз дешти. Он беш минут нары-бери бастырып, анан жатаканага алып кирип, уктоого уруксат берилди. Эртең менен саат алтыда тургузуп, оокаттан кийин машинага салып ишке алып барды. Узун кыр болуп созулган тоо бар экен. Ал тоо топурагы жок эле жалаң таш, эң чоңу эки адам көтөргөндөй, болбосо бир эле адам көтөргүдөй таштар. Тоонун түбүнө чейин рельс орнотулуп, вагонеткалар барат экен. Элүү адам бир бригада, түшкү оокат ичүү он беш минута, дем алуу болбойт. Ушул таштарды вагонеткаларга жүктөшөт. Таш муздан да муздак сезилип жатты. Тынбай иштеп жатышты. Оор таш болсо экөөлөп көтөрүп салышат. Элүү вагон толгондо тез эле элүүсү келип тизилет. Каш карайганда иш токтоду. Таштын чекеси оюлбады. Таштан уран же темир чыгат деп жатышты. Иштен кийин оокат берет. Аянтка тизет. Тизме чакырылып бүткөндө эки адам чекеси менен тик сайылып жыгылышты. Милициянын бири экөөнү көтөрүп, кайра таштап койду.

– Өлүп калышыптыр, начальник, - деди.

– Алып барып өлүк сакталуучу жайга жаткырып койгула, бир жумадан кийин чогулган өлүктөрдү бир траншейге көмөбүз, - деди.

Зампарга салып алып кетишти. Аянтта тынчтык өкүм сүрүп, тоодон соккон шамал гана тынчтыкты бузуп зуулдап согуп турду. Биз да бир күнү ушундай өлүмгө дуушар болобуз дегендей бардыгы шылкыйып жер карашат.

Үчүнчү ай иштеп жатышат. Ошол эле таш жүктөөдө. Колдор кесилип, ташты кармоодо зыркырап калган. Айла жок. Иш жүрүп жатты. Бир жылга жакындап калды эмгек түзөтүү лагеринде иштегенге. Бир залда жаткандардан отуз адам өлдү. Кайра эле толукталып турду.

Бир күнү таш жүктөп жатканда Акай таш көтөрүп баратып ташка чалынып жыгылып, турду. Вагонго жетээрде дагы жыгылды. Муну көргөн кароолчу камчысын алып, чуркап келип чабаарда Галим келип колун кармай калды.

– Урба, - деди Галим. Суранам, бул киши ооруп жүрөт.

– Ооруса келбесин бул жерге.

Урган жок. Лагердеги азаптуу турмуш ушул нукта өтүп жатты. Күндө өлүм. азаптуу жумуш, жумуштагы уруп согуу. Оокаттын начардыгы. Жер шартынын катаалдыгы, жанды кейиткен суук, жайын-кышын тынбаган суук шамал. Лагердин тартибинен да кыйынчылык келтирет. Лагерде кылмышын өтөөгө кесилген адамдар, ар кандай иште иштешет. Таш жүктөшөт, көмүр казышат, уран кенинде, алтын кенинде, азаптуу иш аткарышат.

Бир күнү Акайдын жанына Галим жана бир арык адам келип отурушту.

– Мен сага кол кап алып келдим.

– Рахмат, - деди.

– Муну, кайдан, кантип таптыңар?

– Мен, - деди Галим арабакеч менен жакшы тааныш болуп калдым. Ал лагерге суу, отун жана өлүктөрдү ташыйт. Ошондой эле кароолчу милиционерден да тааныш таптым. Ал татар улутунан болот экен. Сен ок тийген кашка жили-

гим шишип кетти дедиң эле. Ага сыйпай турган бугунун майын алдырдым арабакечтен.

– Галим сенин өмүрүңдүн узак болушун тилейм.

Январь айынын башталышы. Суук шамал , кар аралаш согуп турган эле. Акай бүк түшүп жыгылып, жөтөлүп жаты. Дагы Галим жетип барды.

– Эмне болду?

– Бутумдун ооруганы баягы майдан сыйпагандан кийин ооруганы азайган. Бирок жөтөл кыйнады. Какырык кан аралаш чыкканына көп болду. Түндөсү көп туруп отурам, дем алуу кыйындайт.

– Галим, - деди Акай мен өлсөм арабакечке айтып, траншейдин бир бурчуна өзүнчө койдурууга аракет кыл, досум.

– Андайды айтпа, срогуң бүткүчө жашайсың.

– Жок, досум. Өпкө болбой калган окшойт.

Дагы күндөр өтө берди. Март айы келди. Жаздан дарек жок. Кар жаап турат. Акай чалкасынан жатат. Дем алышы кыйындап, жөтөлө албай турат.

– Галим, - деди карап турасыңбы?

– Ооба. Кароолчудан суранып кагаз калем тапчы.

Кароолчу милиционер сүйүнүп чуркап келгенде Галим ага акча берип, калем, кагаз алды.

– Жаз, - деди Акай үнү чыкпай шыбырап.

– Кыргыз ССРи. Жалал-Абад облусу. Октябрь району, Ленин колхозу. Кожомбердиева Уулкыз. Ушул адрес боюнча түрмөдөн чыксаң же чыкпасаң деле уруксат берсе менин өлгөн күнүмдү, коюлган жерди жазып жибер.

Ошентип айтаары менен суналып, бутун сунган боюнча узап кете берди. Галим көзүн жаап, колун сундуруп, шинелин үстүнө жапты. Кайран жигит. Кайраттуу эле, ушунча оорусу менен беш жыл түрмөдө чыдады. Бир жарым жыл лагердин азабын көрдү. Мен алымын келишинче мусулманчылыкты сактадым. Үзүлөөрдө билген калиманы айтып турдум. Жалал-Абадда «Пахан» болуп жүргөндөгү акчаларымды сактап жүрөм. Арабакечке айтып, ак бөз алдырып, Акайды ороп көмдүрөм. Эртеси өлүктөрдү арабада алып

жөнөштү. Конвой милиционер менен да байланышып, акча берип, өзүн койдурганга жардам бер деп сүйлөштү.

Бүгүнкү өлүктөр аз экен, арабакеч татар сөөктү түшүргөндө Акайдын денесин кар менен жышып, анан ак бөз менен ороп траншейдин бурчуна кыбылага каратып, арабага салып келген кесинди шакчаларды жыш кылып жөлөп чыкты. Өлүктү алып баргандар траншейди бир паста топурак менен толтуруп жиберишти. Кызыл – Суунун кулуну, ак көңүл, бирөөгө жамандыгы жок, күнөөсү жок жигит отуз бир жашында көрө албас, ичи тар, бийлик кумарынын кулу болгон адам түспөл жыландардын курмандыгы болуп Туванын топурагынын астында калды. Бир заматта кар учурган шамал траншейдин үстүн карга толтуруп жиберди. Эч нерсе көрбөгөндөй болуп, шамал шуулдап согуп турду. Айлана бопбоз. Суук 30 градус.

Ал эми Акайдын Галимге айтканы боюнча үйүнө кат келбеди. Балким ал да өлүп кеткендир. Апасы сексен беш жашка келгиче күттү, келип калаар деп. Келген жок. Аялы элүү сегизге чыккыча күтсө да.

Согушка кетпесе, түрмөдө отурса бир күнү келип калаар деген үмүт менен күтүп жүрүштү. Бирок алар Акайдын эмгек түзөтүү лагеринде бир жарым жыл гана жүрүп өтүп кеткенин билишкен жок. Камалганына жетимиш төрт жыл, өлгөнүнө жетимиш жыл болгондон кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Прокуратурасы Кожомбердиев Акайдын ишин карап (1942-1943- жылдары НКВД органдары жана аскер трибуналы мыйзамсыз кылмыш репрессия колдонгондугун аныктаган). 1994- жылдын 27- майындагы мыйзамдын 3-беренеси жана 6-беренелеринин негизинде Кожомбердиев Акайдын ишин реабилитациялоо жөнүндө корутунду түзүлүп, Жогорку сотко кароого жиберилген. Жогорку соттун 2016-жылы 14-ноябрындагы токтому менен 1943- жылдын 23- майындагы Орто Азиялык аскер округунун Фергана гарнизондук аскер трибуналынын Кожомбердиевке чыгарылган өкүмү жокко чыгарылып, акталган.

*Кызыл-Суу айылы, 5-октябрь 2017-жыл*

## ЖАШОО УЛАНАТ

Үйдүн ичи караңгы болуп калды. Бурул ыкшып жөтөлүп жатып:

– Нуркул –деп үн салып, суу алып келчи- деди.

Нуркул чуркап барып суу алып келди. Сууну ичип ийип, охх деп отуруп калды.

– Нуркул чыракты жагып койчу. Эшикте айбанда от күйүп жатат. Чычала менен күйгүз.

Шам чырак жагылды. Нуркул алты жаштан жетиге кетип жаткан. Бурулдун небереси өзү илбериңки, бирок арык бала. Нуркул иниси Абитти үйгө чакырды. Ал беш жаштан алтыга кетти.

– Келгиле эми, караңгы кирди, үйгө кирип жаныма отургула. Калбү кырк жашка барып калган аял. Келбеттүү, мурду кырдач, жүзүндө жылуулук сезилип турган, сөзү орундуу чыккан, токтоо.

– Азыр апаңар келет. Төшөк салып кой. Жарма кылып койдум. Бурулдун келини Салима да келип калды. Чарчаганын билдирбей балдарына жалынып, садага болоюндарым. Экөөнү кучактап беттеринен өөп:

– Эне шоктук кылышкан жокпу?

– Жок, булар шоктук кылышпайт. Мен эмне иш айтсам ошону аткарышат. Өмүрлүү болушсун. Атасы аман-эсен келсин – деп, алкады Бурул.

– Атаңар келсе жылкы бактырабыз. Тай минесиңер – деп Абиттин башынан сылып койду апасы.

– Эне мага коштун аттарын жетелөөчү кылып, бир колу жок кишини кошуп койду. Аты Кулбай. Майып да аттар жөөктөн чыгып кетип, кош ойноп кыйналып жатам.

– Азыр боору бүтүн киши барбы, балам, кыйналсаң да иштейсин да, тиякта согуш болуп жатса. Көйнөгүңдү жууп, этегин жамап койдум, эртең ошону кийип бар. Балдарың болсо күндө бир көтөрүмдөн отун алып келип жатышат. Кышкыга отун камдайбыз дешет – деп күлүп койду ырааазы болгондой. Сүйлөшүп отурушуп уктап калышты. Түн

өкүмүн сүрдү. Эртең менен Кулбай эшиктин алдына бастырып келди. Салима эшикте турган.

– Бүгүн кайсы жерди айдайбыз? Сурайын деп келдим.

– Аба, адырда азыраак бөлүк жер бар. Ошону айдап бүтөбүз. Кошту сүйрөтүп бара бериңиз. Мен жөө чыгып барам. Кулбай кайра кетти. Кулбай согушта колунан айрылган. Кой оозунан чөп албаган момун адам. Көп сүйлөбөйт. Аялы өлдү деп угузгандан кийин башка кишиге тийип алган. Бирок кара кагаз жаңылыштык экен. Кулбай келип калды. Көрсөтүлгөн жерди айдап бүтүштү.

Кечке маал бригадир алым кошчулардын үйлөрүнө барып:

– Даярдангыла. Калма-Кырчынга кошуңар менен жер айдоого барасыңар. Кошту арабага салгыла. Атыңарды минип барасыңар. Бир күндүк оокатыңар менен. Андан кийин ысык оокат уюштурабыз. Кечинде колхоздун кеңсесинде башкарма кеңешме өткөрүп жатты. Быйыл кар эрте кетип, кош эрте чыкты, эгин эгүү бүтөйүн деп калды. Калма-Кырчындагы жерди айдоо он күндө бүтөт. Калма-Кырчынга он кош чыгат. Ар бир бригададан экиден кош. Күнүнө 50 сотыхдан ар бир кош айдаш керек. Жарма, арпанын унунан нан жасалат. Күнүнө бирден нан, жарма берилет. Кампабызда эгин аз. Бардыгы согуш үчүн кетти. Айдалган жерлер күнүнө өлчөнүп, жыйынтыгы чыгарылат. Калма-Кырчындагы ишке башкарманын талаачылык боюнча орун басары Элчибек жооп берет – деп сөзүн бүтүрдү.

– Күнүнө жарым гектар жер айдалса, ичкени арпа жарма, жегени арпа нан болсо, элүү сотыхдан жер айдай алабы? – деди бешинчи бригаданын бригадири Курман. Эгинди согушуп жаткан жоокерлерге жиберип жатабыз. Буудай аларга кетип, арпа бизге калып жатат.

– Мен жеп коюп жатканым жок – деди башкарма үнүн катуу чыгарып. Жолдош Сталин «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн» деген уран менен чыкты. Сен ага каршысыңбы? Бир эле кыйналган бизби? Биздин өлкөнүн бүт эли биздей. Бул айтканын биздин элге тескери үгүт бо-

лот. Дайының чыкпай камалып кетпе – деп керээрлеп кой-ду. Курман сестенгендей болуп унчукпай калды.

– Бригадирлер угуп алгыла. Эртең мектепке барып, беш бригадага эки класстын окуучуларын, 1-бригада эки класстын окуучуларын алып барып кош жүрбөгөн жерлерди кетмендеп арпа сепкиле. Суроо жокпу? - деди башкарма мурутун сылап. Эч ким унчкупады. Эсепчи Гүлүм башын көтөрүп жогору караса кой ферма башчысы Адыл Гүлүмдү карап турган экен. Көзү күлүңдөп, жүзү албырып, бир нерсе сурангандай болуп турат. Экөөнүн көздору бири-бирине кадалышып, экоөндо тең жылуу сезим пайда болгондой. Адыл Гүлүмдүн кабинетине баш багып, эртең иштен кийин токойдун четинде тосуп турам деди, үнүн секин чыгарып. Эртеси айткандай эле айткан жерден Адыл тосуп алды. Экөө токойду аралап кетишти. Калың өскөн тал, чычырканак суунун боюндагы токой экөөнү жашырып, койнуна алып кирип кетти. Чоң суунун шары, булбулдун үнү гана угулуп тынчтык өеүм сүрдү. Калма-Кырчында ар бир бригададан экиден кош чыгып, иш кызуу жүрүп жатты. Башкарманын жардамчысы Нурбек кош айдагандарга чогулуш өткөрдү. Бөлүнгөн жерлерди ким эрте бүтсө элүү килограмм меке берилет. Калаа алынбайт тегирменде, мелдештин шарты ушундай. Ошол күнү кечинде Кулбай аке, кантип эрте бүтөбүз? Кантип жеңишке жетебиз? Жеңишке жетүү үчүн, эрте бүтүш үчүн биринчиден аттарыбыз тың болуш керек. Экинчиден өзүбүздүн оокатыбыз жетиштүү болсо ошондо бардыгынан эрте бүтөбүз. мен үйдөн азыраак арпа ала келгенмин, ошону иштен кийин аттарга жедирем. Аттар дармандуу болот. Үйдөн каткан нан ала келдим эле ошону берген оокатка кошуп жеп алсак көп чарчабай иштейбиз. Бири-бирибизге нааразы болбой нары жетеле, бери жетеле дебей, кыйкырышпай ынтымак болуп иштейли. Аттарды тердетип кату жетелебейли. Бир калыпта жетелейли. Аттар зорукпайт. Тигилерди карачы аттарын чыбык менен чапкылап тез айдап жатышат. үзүмчүлүк маал аттары тез чарчайт. Кулбай менен Салима кошчулардан мурда бүтүш-

тү. Кошторун арабага салып, аттарын коштоп алып Кызыл-Сууга кетип калышты. Артта калган кошчулар атаандаша башташты. Булардын жери аз болсо керек, биз өлчөйбүз. Жерди өлчөштү, туура чыкты. Кош башчыга адамдарды бекитип жатканда Кулбайды эч ким кошуп албай койгон. Карынын сөзүн капка сал дегендей Кулбайда сыр бардыр – деп Нурбек күлүп койду.

Бурулдун кечке жаны тынбайт. Эшигинин алдындагы жерди тээп, сабиз, пияз эгип алды. Эки небереси менен адырга чыгып, жер кетмендеп, арпа чачып койду. Арпа эрте бышат. Чоң небереси да энеси менен жер чукулайт. Кечинде токойдон отун көтөрө кетишет. Энеси арпа талкандан жарма жасайт.

– Отургула, берекелерим, ичип алгыла – деп бир кесеге жарма куюп берет. Экөө бир кесени алып-берип ичишет. Кылканы үстүнө чыгып турса да ичип алышат.

– Эми эшикке чыгып, кичине ойноп алгыла. Бурул отуруп алып ойго батат. Мурда атамын отузга жакын жандыгы, уйлары бар эле. Өзүбүз эле бакчубуз. Коллективдүү чарба түзүлүп, элди кулакка тартуу башталды. «Бөрк ал десе баш кесүү» болуп жатты. Ондон ашуун малы болсо малын алып, өзүн камай башташты. Бизге бир эчки коюп, калганын алып, өзүн эки жылга түрмөгө камады. Ошентип күнөөсүз эле түрмөгө отуруп келгендигин ойлоп отуруп уктап кетти. Эртеси келин иштен келди. Сурашып отурушту.

– Эне, биз бөлүнгөн жерди бир күн элден мурда бүттүк. Жарым чейрек меке сыйлыкка берди. Анан мынабу нанды ашырып келдим. Тогуз сындырым нан. Тогуз күн иштеген күндөгү ашырганым. Балдар кайда?

– Балдарың отунга кетти эле. Аңгыча Кулбай келди. Саламдашып отурду.

– Бурул, деди Салима айтса керек. Сыйлыкка берилген жүгөрүнү эмне кылалы? Ошону сурайын деп келдим эле.

– Аны өзүңөр билесиңер да – деп күлдү Бурул. Салима сөзгө аралашып,

– Кулбай аке, жүгөрүнү тегирменге тартып, бозо салып биринчи бригаданын аялдарын 8-мартта бир сыйлап коелу дейм. Сиз кандай дейсиз?

– Туура айтасың. Ошондой кылалы. Көңүлдөрүн бир көтөрүп коелу. Үйгө Салиманын балдары кирип келип Кулбай менен саламдашып, анан апасына барышты. Салима экөөнү кучактап өпкүлөп, элжиреп жалынып жалбарып, кайгылуу ойлору унутула түштү. Кулбай сөзгө аралашып үчөө согуш жөнүндө, согушта өлгөндөрдү угузуу боюнча сүйлөшүп отурушту. Согушту айтканда кабактары бүркөлүп ойго батыпотуруп калышат. Бригадир алым эшикке келип,

– Ким бар үйдө? Салима барсыңбы?

– Бармын аке. Кулбай кошо чыкты.

– Аа, сен да ушул жердесиңби? Эртеңден баштап кошко чыккыла. 8-март майрамына үч күн калды. Эки күндө кошту бүтүп, майрамды бирдей майрамдайбыз.

– Макул, эртең кошко чыгалы – деди Кулбай.

Кош айдоо 7-март күнү бүттү. Ошол күнү кечинде Салиманыкында бозо ичишип, биринчи бригаданын аялдарынын отурушу болду. Бозону Бурул менен Салима салып, ысылыгына бир таак союп, меке адырадан отко жасап коюшкан. Үйгө батпай калабы деп бушайман болушту эле. Чакырылгандар үйгө кенен эле батышты. Кулбай төрдө отурат. Керез деген келин курбулар айып болбосо мен күйөөмү чакыртып коеюн. Кулбай аке жалгызсырап калбасын – деп күлүп койду. Керездин күйөөсүн чакырып келишти. Аксап басат экен. Бозо куюп берчүүбүз Жаркын, кесе күлүбүз Бүбүкан болсун деп шайлап алышты. Үй ичи бака-шака, келиндердин анда-санда күлкүлөрү, үшкүрүктөрү чыгат. Катар отургандарга бир гана кесе менен кыдыртып бозо берилип жаты. Улуу деп биринчи Кулбайдан башьашкан кесени. Бири –бирин 8- март майрамдары менен куттуктап жатышты. Аялдардын эң улуусу Алимбү сөз алып майрамыбыз кут болсун. Жеңиш тез болуп, согуш бүтүп, согушта жүргөндөрүбүз аман-эсен келишсин, бозону мен-

дей так ичип бергиле – деп кесени көмкөрүп койду. Кара кесе эки -үчтөн айланган соң, сөз көбөйдү, үшкүрүктөр чыкты. Акыркы болуп отурган келин обдулуп алып:

Айчыкты тоодон кылыйын,
Мени бир карап муңайып.
Кат жазбай койдуң мени эстеп,
Сүйгөнүм айтчы кимде айып деп созолонтуп обон созгондо отургандар коштоп кол чаап турушту. Эгер макул болсоңор Турсун менен Арзимбүдөн ыр кесе баштайлыбы деп сураналы. Жакында күйөөлөрүн угузушкан эле.

– Ыр кесе баштасынбы айланайындар? –деди Бурул. Кайгырып эле отура бербейли.

– Бурул эже ырдап отургула, өлгөндүн аркасынан өлө албайт экенсиң. Сураганыңарга рахмат. Ыр кесени жүргүзө беогиле – деп муңайып койду Арзимбү.

Ыр кесе жүрүп жатты. Айкан деген келин созолонтуп обон созуп ырдап баштады:

Айдың көлдүн үстүнө,
Каз-өрдөк келип конбойбу.
Жеңишке жетип бат эле,
Алтыным келсе болбойбу.

Кызыл- Кыя, Торпудан,
Кыялай басып сен келсең.
Кыялың билип суйкайып,
Жаныңа басып мен келсем.

Отурган кыз-келиндер кол чаап кубанып жатышты. Кесе күл болсо, ичпейсиңби сенден кийинки киши суусап кетти – деп шаштырып жатты. Ыр уланды, үшкүрүк, шыбырашып бирин-бири түрткүлөө күчөдү. Ортодо отурган келин ырдап кирди:

Колума салган билерик,
Күмүш эмес жез экен.
Согушка кеткен жолдошум,
Аман-эсен келсе экен.

Бурул отургандарга карап,

– Мынабу Кулбай менен Теңирди деле ырдатпайсыңарбы? Өзүңөр эле ырдай бербей.

Кулбай ыр кесени алып

– Бул ырдай турган ыр меники эмес, бирөөдөн үйрөндүм эле.

Ээй алчадияр бир болот,
Айтпаса көңүл кир болот.
Табылгынын чогундай,
Жайнап ырдап берейин.

Ээй айбанаттан акылдуу,
Түлкү болот турбайбы,
Адамзатты жашарткан,
Күлкү болот турбайбы.
Жакшы кылган жигитти,
Жары болот турбайбы дагы узатып ырдап ыр кесени Теңирге сунду. Бул ыр дагы бирөөдөн жаттаган ыр экен

Ээй жибек жоолук жарашкан,
Башың бир апс ырдайын.
Калем десем сыдай,
Кашың бир пас ырдайын.
Жаңы чыккан чынардай,
Боюң бир апс ырдайын,
Тал чыбыктай буралган,
Белиң бир пас ырдайын.
Эстегенде ыйлаткан,
Жытың бир пас ырдайын ыр уланып, келин-кыздар кол чаап коштоп Теңирге ыраазы болуп жатышты. Керез ушундай ырчы күйөөң бар экен, сыймыктансаң болот.

– Ээй шыңкылдаган келиндер менин күйөөмө көзүңөр тийбесин – деп Керез каткырып күлдү. Анан жалпы отурушуп «Тектирге чыккан буудайды» деген ырды хор менен ырдашты. Келиндер ичибиз ачышты ысык оокатың болсо алып кел дешти. Ысылык тамагы жүгөрү шактын адырасы бозого деген шакты элегенде электен өтпөй калган иригин ботко жасап койгон. Аны келиндер суктанып жешти.

– айланайындар, согуш бүтсө, согуштан жигиттерибиз келсе турмушубуз оңолот. Бул отурганыбыз, жеген тамагыбыз тарых болуп калат. Бир аз убакыт болсо да мунаюу, ызалык, сагыныч, арман, кайгы унутулуп ыр менен жуулду. түндүн бир убагында таркап кетишти. Үй ээлери да уктап, жымжырттык болуп, түн өкүмүн сүрдү.

Биринчи бригадага жетинчи класстын окуучулары келишти.

– Коштон калган тике жерлерди кетмендетесиң. Аркасынан эле арпа септир. Ар бир окуучуга жардыдан нан бересиң. Эжекеси кошо болот – деди эсепчи.

Бешинчи бригадага алтынчы класстын окуучуларын берди. Аларга деле ошондой эле иш тапшырды. Алтынчы класстын окуучусу Нурлан

– Эжеке, биздин курсагыбыз тойбой калды. Жок дегенде жарманы көбүрөөктөн берсе болбойт беле – деди.

– Балдар, алыста согуш жүрүп жатса,эгин ошол жакка кетип жатат. Жоокерлерибиз ток болсо жеңиш болот. Атаңар, агаңар келип турмушубуз оңолот. Курсагыбыз ток болот – деп түшүндүрдү эжекеси.

Эртең менен эрте Бурулдун үйүнө башкарманын орун басары Сарык келди.

– Бурул эже, азыр эсепчи бир кап жүн алып келет. Ошону болушунча аркан эшип бериңиз. Фронтко кетет. Тескейден күңгөйгө өтчү жолду кеңитип казабыз. Көпүрөнү оңдойбуз. Сарайларды оңдойбуз. Салима сен жол казууга барасың. Жол казууга жалаң эле аялдар келди. Көзөмөл боло турган эки чал келди. Топтолушуп иш жүрбөдү. Сали чал казыла турган жолду ар бирине тең бөлүштүрүп берди. Таш, кум аралашкан жолду кеңейтип казып киришти.

Салима менен Калиянын каза турган жери катар экен.

– Салима - деди Калия. Экөөбүз биригип казалы бат бүтобүз. Экөө биригип иштей баштады. Казып жаткан жерден чоң таштар жолугуп жатты. Буларды жөн коебуз, түбүн гана казып коелу. Эртен лом ала келип омкоруп таштайбыз. Чарчап эс алууга отурушту.

– Немистер эмне үчүн биздин жерге кирип келип уруш чыгарат десен –деп, үшкүрүп койду Калия.

– Аларга жер керек. Иштетүүгө кул керек. Ошондуктан жер алам, элди каратып алам - деп урушуп жатпайбы. Тилеги таш капсын - деп Салима оор үшкүрүп, чөпкө чыканактады.

Көзү каканактап, өңү муңайым боло түштү. Түшкү тамак бир аяктан жарма, бирден нан болду. Жармаларын ичип, нандарын балдарына алып алышты. Күн батайын дегиче иштешип, берилген жерлерди бүтүшүп, таркашты. Салима үйүнө келсе Бурул жүн эшип отуруптур. Аркан жасоо үчүн биринчи жүндү тытып, сабап, анан эки карыштан кылып жүнгө жылкынын кылынан кошуп эшип чыгат. баардыгын бүткөндөн кийин бири-бирине бириктирип эшип, үч кабат же алты кабаттан эшип аркан жасайт.

Бурул үч күндөн бери аркан эшет.

Колхоздун клубунда чогулуш болуп жаты.

– Колхозчулар, - деди башкарма элге кайрылып:

– Майда –чүйдө иштерибизди бүттүк. Эми алдыда чөп орок башталат. Буудай отоого, орулган чөптү чөмөлө кылууга окуучулар тартылат. ушул иштерге башкарманын талаачылык боюнча орун басары Сатылган көзөмөлдүк кылат. Калма-Кырчындагы чөптү чабууга ар бир бригададан алтыдан чапкычы барат. Чапкы чыңай турган бирден чал болсун.

Бурулдун неберелери чоңоюп кол арага жарап калган. Жайлата тезек терип, токойдон отун жыйнашып, кышка камылга жакшы болду. Салима бригададагы белдүү, иштерман адамдардан. Бригадир ишке айдаса кайсы иш тапшырылса да жакшы аткарат. Бурул бөлсо колхоздун арканын эшип, таар согуп, кап тигип берет.

Кар жаап турат. Бригадир келип бүгүн аткара турган ишти айтып кетти.

– Арканыңар менен ат сарайга чогулуп, тоодон аттарга чөп сүйрөтүп түшөсүңөр. Аялдар чогулуп, чөпкө чыгып барышты. Тоо өтө тик эле. Кар тоңгон жаз мезгили эле.

Тоңгон кардын үстүнө жаңы кар жаап жатат. Аялдар чөптү таңып, сүйрөп түшө баштаашты. Тик болгондуктан чөп зуулдап тез кетип, кээде оодарылып чөбү башка, өзү башка кетип жатат. Ызы-чуу, күлкү тону жаңыртат. Калия чөптүн алдында калып тура албай түзгө келип токтоду. Мурда баргандар чуркап келип, чөптү өйдө кылса ал туруп кетти.

Күз болуп кырман убагы эле. Салима кырманда иштейт. Кырманды тегеретип боолай буудайды чачат. Эки аял иштейт. Буудайды эки соко ташты экиден ат сүйрөп бастырышат. Таңга маал жылдыз таркай электе иш башталып, кара күүгүмдө иш бүтөт. Эки бала атка минет. Кечке атка минип алып, тегерене берет. Чачкан буудай бастырылса жаңысын чачат.

Бир күнү бригадир кечиндеси Салимага бүгүн үйүнө бар, эртең келбей эле башка ишке чыгасың деди. Салима үйүнө барып, балдары менен учурашып, энеси менен сүйлөшүп отурду.

– Эне, мени кандай ишке дайындайт экен? Бригадирдин кабагы бүркөө. Колхоздо иш көп да, иш табат. Эрте менен Бурул да келини да эрте турушту.

Айылдын аялдары чогулуп Бурулдун үйүн көздой келе жатышат. Алдында Кулбай, Улукбек деген кишилер экен.

– Эен, деп кыйкырды Салима. Айылдын кишилери биздикине келе жатышат окшойт, чыгыңыз.

Аңгыча алар жетип келишти. Улукбек чал

– Бурул, согушта жүргөн балаң Сүйүн курман болуптур, кайрат кыл, айланайын. Жаман иш болуптур.

Бурул анын сөзүн толук укпай боздоп ыйлай баштады.

– Кара көзүм кашайган турбайбы, жалгызымдан айрылган турбаймбы? айланайындар, эми эмне кылам. Балдары жетим, аялы жесир калды – деп боздогон үнү асманга жетти. Тургандарды кошо ыйлатып турду. Салима болсо эч нерсе билбей сулк жатып калды эле эки аял бетине суу чачып эсине келтиришти. Чыңырып ыйласа адам жанына тургус, тургандардын жүрөктөрүн сыздадып жатты. Үйлөрүнө алып киришти. Эки аял жүктү карап, катар отуруп үн

чыгарып кошуп ыйлай башташты. Бурул менен Салиманын ыйы токтогудай эмес. Балдары да ойгонуп эч нерсе түшүнбөй апаларына кошулуп ыйлап жатышты. Улукбек чал куран окуду, бирок ый токтободу. Кулбай кайталап окуп

– Бурул, акылың бар. Өлгөндүн аркасынан эч ким өлгөн эмес. Кайрат кылгыла. Мына аркасында эки уул калды, ошолорго өмүр берсин. Эртең элди чакырып куран окутабыз.

Отургандар кайрат айтып, таркашты.

Турмуш улана берди. Колхоздун иши түгөнбөйт. Кышын-жайын иш. Алты жашар баладан, эңкейген карыларга чейин ишке чегерилет. окуй элек балдар машак теришет. Окуучулар буудай орушат, нокот жулат, чөп чөмөлө кылышат. Аялдар болсо баардык ишти аткарышат. Эмгекке акы төлоө болбойт. Иш үстүндө атала, нан берилет.

Салима небересин ээрчитип сумкасын көтөрүп, шаарга келип түштү.

– Элбек атаңын үйү ушул дом беле?

– Ооба, эне ушул үй. Үйгө жакындаганда болук, салабаттуу, интелигент адам тосуп алды.

– Апа, келээриңизди айтып койбойсузбу?

– Айтканым жок. Аман-эсенсиңерби? Кагылайын.

Кучакташып, өбүшүп, бутунан башына чейин баласын энелик мээрими менен карады. Чачылуу ак жоолук салынган экен боргулданып тердеп калыптыр.

– Түштүктө эле ысык десем, Бишкекте деле ысык турбайбы? – деп бетин аарчыды.

– Жүргүлө, апа, үйгө кирели – деп сумкасын көтөрүп, алдыга басты. Нурнул үйгө кире электе келини Сезим чупкап чыгып Салиманы кучактап калды. Үйгө киришип, Салиманы колтуктап диванга отургузду келини.

– Жакшы жүрөсүзбү апа? Кыйналбай эле келдиңизби?

– Ооба, кыйналган жокмун.

Чайга отурушту. Аркы-беркини сүйлөшүп отурушту.

– Ишиң кандай, балам?

– Иш жакшы эле. Декан болуп иштеп жатам, апа. Кандидаттыкты жактадым.

– Буюрсун. Ишиң илгери болсун.

Салимада сыймыктануу сезими пайда болду. Аңгыча Абит кирип келип:

– Апа, менин үйүм жолдун боюнда болсо да меникине кирбей акемкине келдиңиз – деп кучактап өптү апасын.

– Балам, Нуркул сенден улуу да. Ишиң кандай? Балдарың чоңоюп жатышабы?

– Ооба, окуп жатышат.

– Апа, мен жакында комната сатып алдым, ошол жерде тиш сала турган жай болот.

– Кудай кут кылсын. Кудайым өмүр берсин.

Бабырашып көпкө сүйлөшүп отурушту.

## АРМАНДУУ ТАГДЫРЛАР

*Аңгеме*

Көк-Арт дабанынан башталып кумбел, суук кыр, серүүн тоолору барып адырлуу белестер менен түгөнөт. Серүүн тоонун түгөнүшүндөгү адырлуу тоолор Азирети Аюп тоосу деп аталат. Аюп тоонун түштүк жагы Чаңгет, түндүк жагы Көк-Арт өрөөнү менен чектешет. Аюп тоонун этегин, түзөңдү Жалал-Абад шаары ээлеп турат. Ал кезде Жалал-Абад кичине шаарча эле. Орустар эми келип жатышкан. Толук бийликте эмес эле. Тоонун этегинде корум таштардын алдынан ысык суу чыгып турган. Аны тосуп, кичине көлмө кылып койгон, өткөндөр ошол булактан суу ичип турушат. Булак жолдун боюнда. Кыштак ошол булактын атынан аталып Таш-Булак айылы болуп, азыр Таш-Булак айыл округу.

Ошол өткөн XVIII кылымдын орто ченинде август айында Аюп тоонун жылга жыбытарына Ак-Талаадан Култек бай 600 кой менен келип отурду. Мал базар ошол тоонун

этегинде болчу. Кечиндеси Култек бай Насыркожо деген айылдын байы, шаарга таасирдүү адам келип койлорду көрүп кетти. Кой айдашып келген үч адам бар эле Насыр дагы үчөөнү кошту.

– Алты мандикер койду алмак-салмак кайтарасыңар,- деди Култек. Койчулар үч маал чайканадан тамактанат. Үчөө чайканага киргенде үчөө койдо калат. Бир күнү аркадан келген экөө, бирөө жергиликтүүдөн чайга киришти. Бир сөөрүдө отурушту. Чай, нан, кант койду. Чай ичип жатканда Улар бир нерсеге таң калгандай карап калды. Маңдайдагы сөөрүдө төрт чал чай ичип отурушат. Төрт чайнек тең бет аарчы менен жабылган.

– Нейман – деди Улар таң калып, тигилер сөөмөйү менен төрт чалды көрсөтүп, чайларын эмнеге бекитишет?

– Ээ, алар чайларын ысык турсун деп, чайнектин оозун, чоргосун жаап коюшкан. Чайды ысык ичкен жакшы да.

Ооздору күйбөйбү дегендей таң калып карады.

– Бул бала эмне дейт, - деп сурашты отургандар. Нейман куудулданып, булар эмне үчүн чайнектерине жоолук салып алышкан деп жатат дегенде баарысы каткырып күлүп калышты. Чай ичип бүтүп койго келишти. Койлорду тоонун наркы бети Эшмеге чейин кайтарышат. Базар эмес күнү алармандар кой жаткан мезгилде келишип ала беришет. Койлордун үч жагында экиден адам тосуп жайышат. Түштөсү базарга жакын ташка имерип келип коюшат. Кабыл менен Улар сүйлөшүп отурушат. Адамдарды эмне үчүн бирдей карашпайт. Бири бай жашайт. Бири болсо колунда бир кою жок мага окшош кедей дейт Кабыл.

– Эмнеге эле кейий бересиң? Биздин деле колубузда мал болуп, элдей жашаарбыз. Кичинекейимден бери ушул байда атам экөөбүз иштеп келебиз. Кана оңолгонубуз? Асты жактан

– Улар, койлорду бери сүргүлө, - деп кыйкырды. Култектин жигити Салым.

Күн ысык. Жер чаң.

– Жаныбарым кой жакшы, чыдамдуу мал да, ысыкта да уйдай сайгактабай жер тээп жата берет. Үчөөнөр чайканадан түшкү тамак ичип келгиле, - деди Салым.

Улар менен Кабылга Нейман кошулуп үчөө тамак ичүүгө сөөрүгө отурушту. Чайканада адаттагыдай адам көп. Заказ менен аш демдеткендер, жолоочулар, айланада иштеген жумушчулар, айтор эл жык-жыйма.

Үчөөнүн алдына бир табак аш, үч нан, үч чайнек чай коюлду. Кол менен аш алганды үйрөнүп калышкандай, бирок дагы эле бириктире албай жатышат. Аштан жешип, чай ичип жатышты. Төрдө отурган төрт киши бакылдашып, үндөрү бийик чыгып жатат.

– Мейманга аш алдырың, - деди сакалчан адам. Жанында аш алып жаткан жашыроогуна. Ашты колу менен тоголоктоп алдырып жатты. Кабыл карап турган экен Неймандан сурады :

– Тиги кишинин колу иштебейт турбайбы, бирөө алдырып жатат. Байкуш оозун ачып, сугунуп жегенини карасаң? Чайканачы карап туруп, басып келди.

– Үка, нимага таң калияпсиз?

– Ээ онабул аш алдырган адамдарды колдору иштебейби деп сурады дегенде, чайканада отургандардын бардыгы дүңгүрөп күлүп калышты.

Насыр кожо менен Култек Насырдыкында сөөрүдө, тизеден төшөктүн үстүндө, чыканактарында жаздык коюлган жерде отурушат. Дасторкондо патир нан, тандыр самса, жумшак куймак, жалаң майлуу эттен жасалган манты. Өрүк, мейиз, алмурут, шабдалы, оозго салса өзү эле эриген ширин коондун тиликтери жайнап турат. Кыпкызыл демделген кытай чайын бир жигит сыпаалык менен ийилип куюп берип отурат. Кумганда шербет ичкилик турат. Тең-ме-тең куйрук, семиз эт тууралып демделген буруксуган жыттуу булоологон аш келди.

– Тигинден куй, - деди Насыр кумганды көрсөтүп. Чыныларга куюлуп шербет берилди.

Шербеттен бир пияладан ичкенден кийин гана

– Мейман ашка карайлы,- деди Насыр колун ашка сунуп. Аштан алышып, күчтүү шербеттен анда-санда алып отурушту.

– Канча малыңыз, байлыгыңыз бар Култек бай, - деди Насыр.

– Төрт короо кой, ар бири беш жүздөн 2000 кой, беш жүздөй жылкы, топоз бар. Азыраак күмүш тай туяк, алтын тайтуягым бар деп компоюп койду. Өзүбүз боз үйдө жашайбыз. Малдарды малчылар кышында кышкы жайытта, жайкысын жайлоодо кайтарышат.

– Досум, малын байлык эмес. Мал же жоонуку, же жуттуку. Байлык деп алтынды, шаарга салып койгон чайкана, соода үйлөрүн айтса болот. Алтынды жерге көөмп койсоң чирибейт. Канча жыл өтсө да тура берет. Сенин малдарың менин үйүмдүн бир тирөөчүнүн баасына татыбайт.

– Кандайча?- деди Куттек таң калып.

– Беш айбандын жети тирөөчү бар: ар бир тирөөчтүн ичинде уютулган узун трубадай алтындар бар. Тирөөч мрамор таштан. Керек болсо алтынды алып, тирөөчтү кайра коюп коем. Анжиянда соода базарым, эки чоң чайканам бар. Кокондо дүкөндөрүм бар.

Эки миң коюм бар деп эле баймын деп жүргөн турбаймбы, байлык ушундай болот экен да деп Култек ичинен ойлонуп, бирок сыр бербеди.

– Досум бизге ушул жагы деле жетишет, - деп күлүп койду.

– Койлоруң сатылып, азайып калды, эмки базар бүтүп калат. Анан кайтасыңар. Сага үч мандикер киши кошом, алып барып байларга эки жылга иштерин кылууга бересиң. Бир жылдык кызматы бир тай, эки кой. Ушул ишти аткарасыңбы, досум?

– Макул, ала кетейин.

– Азыр силерге беттештирип коеюн. Мен эртең Анжиянга иш менен кетем.

Үч жигит салам айтышып, отурушту.

– Мына, бул биринчи жигиттин аты Нейман, Кара-Суулук, ушул жерде иштейт. Андан кийинкиси Нурмат Жалал-Абаттык. Акыркы отурган Берик, Сузактан. Балдар силерди эки жыл иштеп келсин деп, Култек бай менен сүйлөштүм. Макул болду. Бир жылдык кызматыңар бир тай, эки кой. Оокатын, кийимин өзү берет. Макулсуңарбы?

– Макул, барабыз, - дешти.

– Эми ишиңерге бара бергиле. Жигиттер чыгып кетишти.

Насыр колундагы чайдан ууртап койду.

Нейман ата-энеси жок. Алысыраак тууганы бар. Нурман Жалал-Абаттык. Бул дагы жетим өскөн. Кыштакта алысыраак туугандары бар экен. Берик Сузактык өзбек. Бирок кыргыздардын арасында өскөн.

Койлорун сатып бүтүп, жолго чыгышты. Эки атка үйгө керектелүүчү буюмдар, оокат-азыктар жүктөлгөн. Тогуз атчан түнү менен жүрүп, күн чыга Көк-Арттын көпүрөсүнөн өтүштү. Суу боюндагы түзөңдө Тогуз-Тородон сатып алышып, базарга алып келе жаткан алып-сатарлардын малдары жайнап жүрөт. Кой, эчкиси көбүрөөк, жылкы, уйлары бар экен.

– Ушулардан бир эчки алып келип, союп жеп алып, анан жолго чыгалы. Эчкинин эти койдукуна караганда жеңил, тез сиңет. Эчки чөптү тандап, дары чөптөрдү көбүрөөк жейт. Чакылдан оттойт, - деди Култек жигитине.

Эчки союлгандан кийин, эми кантип бышырабыз деп карап туруп калышты. Челекке баары батпайт.

– Мен чаначка салып бышырам, - деди Улар. Бардыгы таң калып караштты.

Улар эчкинин терисин чанач кылып сыйырган экен. Ошол эчкинин чаначына этти толтуруп салып, суудан азыраак куюп, теринин сыртынан ылай менен шыбап, үч жыгачка оозун бууп асып, от жага баштады. Отту секиндетип жагып, бышырып, дасторконго этти чыгарып, шорпосу аз эле калган экен аны челекке куюп алды. Этти жешип жолго чыгышты. Түнү менен жол жүрүштү. Көк –Арт дабанын

ашып, наркы бетке түшкөндө Нурмат ырдап берчи деп сурана башташты. Нурмат элдик обон менен бирөөдөн үйрөгөн ырын ат үстүндө ырдап кетип жатты.

Кызыл манат жең үчүн,
Кылчайбай кеттиң мен үчүн.
Кылчайбасаң жан үка,
Кыжаалат болом сен үчүн.
Кызыл көйнөк көрүнсо,
Кыз көрүнөт көзүмө.
Кыжаалат кылбай мында кел,
Кызыгам үка сөзүңө.
Атлас көйнөк көрүнсө,
Ай көрүнөт көзүмө.
Арманда кылбай мында кел,
Ашык болом сөзүңө.

Ала-Буга суусунан өтүштү. Суу чыгыш –түндүктү карай агат экен. Суу өтө тунук, түбүндөгү таш көрүнөт. Балык көп экен, нары-бери сүзгөнү көрүнүп турат. Кош –Дөбөгө эрте эле жеттишти. Айыл жайлоодо экен. Ортодо үч үй тигилүү. Алысыраакта эски жабылуу үйлөр турат. Келген жигиттерди четтеги чоң үйгө киргизди. Элечекчен эткээл аял тосуп, үйүнө киргизди. Бай менен сурашып отурду.

– Булар кимдер?

– Жумуш кылабыз деп келишти.

– Бизгеби?

– Экөө бизге. Бирөө Супатайга барат го?

Колго суу куюлуп, шорпо берилди. Шорпо деген ушундай болот. Ич этти таза жууп, тузга чайкап, этке кошуп бышырса шорпо даамдуу болот.

Бүгүн мынабул өзүңөр менен кошо келген койчулар менен кошо жатасыңар. Эртең ишке барасыңар. Ишке бөлүштүрөбүз. Эртеси Супатай байдын жигити келип Нейматты алып кетти.

– Силерге койчулардын үйлөрүнүн жанына үй тигилди, ошондо жашайсыңар. Оокатыңарды Чыны деген кемпир бышырып берет. Менин үч аялыма кызмат кыласыңар.

Кышкысын кой кайтарасыңар. Кой, жылкы менен кошо кышкы жайытка кетесиңер,- деп Култек бай ишти бөлүштүрүп берди.

Экинчи эле күнү эки ат, бир төө менен отунга жөнөттү. Отун алыс. Бир күнчүлүк жол барышы, келиши бир күн, үч күндө келишет. Төөгө, атка жүктөп келишип, үч үйгө бөлүштүрүштү. Бул эки кызматкердин жата турган үйүндө эски төшөк, ичине жүн салынган жууркан, жүн жаздык коюлган. Оокат жасай турган кемпир божурап көп сүйлөгөн пастек бойлуу, чачына ак кирген кыймылы ыкчам кемпир экен.

– Курсагыңарды ачырбайм, айланайындарым. Байга жагып кызматыңарды жакшы аткаргыла, - деп божурайт. Кемпирдин бул сөзү бел болгондой экөөнүн жүзү албырып турду. Кой кайтарышат. Отун алышат. Тезек терип, жер кепеге жыйышат.

Бир күнү байдын ортончу аялы:

– Эй, малайлар, күн бүркөлүп калды мага үйгө көбүрөөк киргизип бергиле, - деп кыйкырды.

Тили заар турбайбы деди ичинен Берик. Байдын кичи аялы Зейне 17-18 жаштарда окшойт. Кара торунун сулуусу. адамды кылгырып, сүйкүмдүү көрүнүп карайт. Колунда шакек, билерик шагырайт.

– Авалар курсагыңар ачса тартынбай кирип тамак ичип тургула, - деп Нурматты мээримдүү жүз менен күлүмсүрөп карады. Нурматтын жүрөгү болк этип, денесинде жылуу сезим пайда боло түштү.

– Мейли, айым. Кирип турабыз. Нурмат жүзү нурданып, Зейнеге тике карады.

Берик менен Нурмат кечке тынбайт. Отунга барышат. Ар бир үйгө отун даярдашат. Тезек теришет. Үч күн удаасы менен кой кайтарышат. Берик Насырдын айтканын аткарып, кыз-келинге жакындап, сөз айткан жок.

Нурмат болсо Зейне менен жашыруун жолугушуп жүрүштү. Бул иш мындай болуп башталган эле:

Бир күнү Зейне

– Нурмат мына бул ашканадагы баканды орнотуп берчи,- деп чакырды.

– Кайсы бакан? – деди Нурмат.

– Мына бул, - деп ашкананын оозундагы баканды көрсөттү. Баканды кармап көрсө бекем экен. Зейне Нурматтын колун кошо кармады. Нурматтын денесинде калтырак пайда болуп, колу Зейненин моюнуна ороло түшүп, кучактап өпкүлөп жиберди.

– Болду эми,- деди Зейне, чыгып кет, бул жерге күндүзү көп кармалба. Ошондон кийин от болуп күйө башташты.

Култек бай соода менен ар кайсы жакка кетет. Мал багууга кышкы жайытка кетишти.

Жаз келди. Мал жайкы жайлоого кайтышты. Нейматтын барган жери Кытай чек арасына жакын жерде экен. Нейматты жылкы кайтарууга койду. түндөсү эки үйүр жылкыны үч адам кайтарат. Күндүгзү Неймат бээ саадырышат. Саап келген сайын эки катар илинген сабаны тынымсыз бышып турат.

Супатайдын Гүлү деген бойго жеткен кызы бар. Шайыр жүрөт. Болуп койгон жери бар. Бирок болочок күйөөсү Гүлүгө жакпайт, тийбейм десе апасы болбойт. Малды өтө көп өткөрүп койду, калыңга аны кайра кантип беребиз, кызым? Кайнатаң өтө бай, бир уруунун манабы. Колуң майга малынат, - деп жооткотот. Нейман азыраактан суроо берүү менен ачык сүйлөшүүгө өттү. Акырындык менен бул экөөнү сүйүүнүн жалыны каптады. Бирин-бири көрбөсө тура албай турган абалга келишти. Жай ортосу эле экөө короодо жолугушту.

– Качалы,- деди Нейман. Бүгүн түнү, мейли? Атты жайыттан кармайбыз. Ат жабдыкты ала барабыз.

Жайытка барып, атты кармап, токуп, аса байлап, экөө кичине эс алалы, - деп жатышып уктап калышты.

"Айгыр токулуу турат" деген үн угулганда чоочуп ойгонуп дендароо боло түшүшүп, атка чуркашып, Нейман атка минип Гүлүнү учкаштырып чаап жөнөдү. Бирок көпкө узабай куугунчулар кармап алышты. Колдорун байлап, Супа-

тайдын алдына алып барышты. Супатай ызырынып камчы менен маңдай чапканда башы жарылып, кан бетин жууп калды.

– Ата, аны өлтүрбөңүз, ал мага тийген жок. Элине кетириңиз.

– Сүйлөбө акылы жок айбан. Сени да жазалайм. Байлагыла селсаякты. Буту –колун чырмап таңып улак кылып тарткыла.

– Буту, колу үзүлбөсүн. Улак кылбагыла, акелер. Жөн өлтүргүлө, - Неймат жалынып, боздоп ыйлады. 7-8 адам атчан талашып, улактай кылып сүйрөтүп, атка тебелетип жатышты. Бир кыйладан кийин канга боелуп, денеси көрүнбөй калды. Супатайдын алдына алып келип ташташты.

– Жууп, тазалап, алып барып мүрзөгө көөмп койгула. Туугандары келсе жардан учуп өлдү дегиле. Кыз ала качты деп айтпагыла эч кимге. Ким айтса мал-мүлкү таланып, өзү оор жазага тартылат. Култекке кабар айткыла.

Кайран Нейматты көп күмбөздөрдүн арасына казылган жайга коюшту. Кечээ эле жайдары жүргөн, куудулданып сүйлөгөн жаш жигит боз топурактын алдында жатып калды. Ыйлаган ый, өкүргөн өкүрүк жок Кара-Суунун кулунунун сөөгү бөтөн элде, бөтөн жердин топурагын жамынып кала берди. Чыгыштан соккон шамал гана шуулдап үйүлгөн топуракты учуруп жатты.

“Эл оозунда элек жок” дегендей Култек иштин жайын түшүндү. Эки кызматкерди жөн койсом үйүргө айгыр болгудай, кетирип жиберсем булардын иши жакшы.

Бир күнү кечинде өздөрүнүн үйлөрүндө отурганда Берик менен Нурматтын үстүнө Култек кирип келди. Экөө тең тура калышты.

– Отургула, жигиттер. Эй, силер кире бергиле,- деп үн салганда төрт жигит кирип келди. Буттарын таңгыла, бекм таңгыла, такма кайыш менен байлагыла. Берик менен Нурмат нес болуп отуруп калышты. Эки бутту өз өзүнчө тизеден бүгүп бекем байлады. Эмне кылып атасыңар, биздин айыбыбызды айткыла? Эмне күнөө кылдык?

– Күнөөңөр жок. Эч нерсе болбойсуңар, - деди Култек.

Устара, түтөгөн кайнай май алып бир адам кирип келип:

– Коркпогула, - деп кармалап туруп, бычып, кайнаган ысык майдан тамчылатып сыйпап койду. Чыдабай онтоо менен кала беришти.

Чыны кемпир багып жүрдү. Жылуу жабат, оокаттарын убагында берет. Кескен жериңерге шыбагыла деп май эритип берет. Койдун куйругунан тилип, ушуну жаап койгула дейт. Айыгып кетишти. Эттеништи. Жыл айланбай өңдөрү өзгөрүп, булчуңдары чыгып, желкеси дулдуйган адамдарга айланды. Эмне үчүн эки жылдан өтсө да келишпеди деп туугандары келишти. Иштин жайын түшүндүрүшүп, биз барбайбыз. Элге барып “өлдү” деп куран окуткула дешип кала беришти.

Мал табабыз деп келишкен үчөөсүнүн экөөсү эркектигинен ажыраса да тирүү калышты. Бирок армандуу өмүрдүн мезгилине туш болушту. Бирөөсү кайгылуу өлүмгө дуушар болуп, жарык дүйнө менен кош айтышып кете берди.

## ЖАЙЛООДО

Чатырлар көзгө элестейт,
Ак булут жерге түшкөндөй.
Кызарган четин суйсалат,
Жигитин кызы күткөндөй.

Кымыздын гүлүн көп ичип,
Ныксырап барат оолжуп,
Ат үстүндө жылкычы.
Желеге барып токтоду,
Айдаган үйүр жылкысы.

Белесте жылкы ылаалап,
Корунуп көгөн чымындан.
Кулундар ойноп элирип,
Чыгышпайт желе жанынан.

Жайлоонун аска кыраңы,
Шаңшыган бүркүт турагы.
Көбүк чачып оргуштайт,
Чакылдан аккан булагы.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Тагдырдын тосмосуна туруп калып,
Көк тиреген тоолоруңду сагынам.
Жылгалардан агып түшкон шылдырап,
Мөлтүр тунук сууларыңдан кагылам.

Каякта жүрсөм дагы көркөмүңдү,
Карегиме сүрөт кылып тартып алам.
Жүрөгүмө көркөмүңдү сактап алып,
Түшүмдө туулган жерге барып калам.

Ай нуру ороп алып тоо чокусун,
Жүрөктүн кылдарына эргүү берет.
Тоолорду айланышып, бүркүт шаңшыйт,
Бүркүт учкан тоолорго чыккым келет.

Туулган жерден алыс жакта жүргөндө,
Жүрөгүңдү каптайт экен кусалык.
Сагынычтын туманына капталбай,
Туулган жерге келип - кетип туралык.

## СӨЗ

Адамдарга басынткан сөзүңдү айтпа,
Ойлонтуп, капалантып, ыза кылып.
Өмүр кыска адамдарда көз ирмемдей,
Калбасын аз өмүрдө шагы сынып.

Айтылган сөз - атылган ок,
Жүрөккө таамай тиет, кыйшыгы жок.
Жакшы сөз сезимге эргүү берип,
Жүрөгүңдү ысыткан билинбес чок.

Жаман сөзүң айтылса адамдарга,
Жүрөгүнө түз тийген октой болот.
Жакшы сөз көтөрөт көңүлүңдү,
Жаман сөзгө көңүлүң муздай тоңот.

Адамдардын көңүлү гүлдөй деген,
Гүлдөрүн суук сөзгө сындырбачы.
Жүрөктөгү жылуулукту муздаттырбай,
Өмүрдө жакшы сөздөр угалычы.

## САЗДУУ КОНУШ

Ак эшек жайлоосунун төрүндөгү,
Теректүү боор түбүндөгү Саздуу конуш.
Тегеректеп суу өтөт коргон болуп,
Дарыядан угулат сырдуу добуш.

Көрбөптүрмүн жетимиш жыл өтсө дагы,
Балалыгым көп өткөн ушул жерде.
Каректерим талытып карап турдум,
Сүрөт болуп тартылган элестерди.

Тай минип аткулактан улак чапкан,
Бактылуу балалыгым эске келет.
Өттү деп, жыргалдуу балалыгым,
Жүрөгүмдү сыздаткан сезим берет.

Максүт жезде, Шаа аке, Жээналы чал,
Жылкы багып, коңшу отурчу ушул сазда.
Жылкылар суу боюнда ылаалашып,
Желеде кулун туйлап элиришип,
Аттиң ай, ошол күндөр эми кайда?

Эрте туруп туйлатып, кулун байлап,
Үй-үйгө кыдырышып, кымыз ичип.
Күчтүү кымыз ичкенде кызарышып,
Бапырашып сүйлөшүп, сырлар чечип.

Коштошо албай кыйлага карап турдум,
Кусалыктын кучагынан бошоно албай.
Ар жыл сайын Саз конушка келейинчи,
Жүрөгүмө сагынычтын жүгүн салбай.

## СҮРӨТ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Сүрөтүңдө мени карап муңаясың,
Тызылдатып оорутуп жүрөгүмдү.
Ойлонуп эстей берем ошондогу,
Жалооруп мени карап күлгөнүңдү.

Жүрөк сыздап, айтып турам сүрөтүңө,
Ажырайм деп өзүңдөн ойго келбей.
Ажал деген таш боор экен сөз укпаган,
Жалынсам да алып кетти мага бербей.

Сүрөттөн жүзүң көргөндө,
Сумсая түшөм ойлонуп.
Көп кайгы келип кыялга,
Уктабай чыгам толгонуп.

Өткөргөн сенсиз жашоо өмүрүмдү,
Өзөгүмдү өрттөгөн арман менен.
Эрте, кечпи артыңдан барып калам,
Өзүң кеткен армандуу жолдор менен.

*Кызыл-Суу айылы,*
*10.11.2017-жыл*

## МАЗМУНУ

Буйлаш акчек .......................................... 3
Ташбоор тааныш ..................................... 7
Тирүүлүктөгү тозок ................................ 14
Жашоо уланат ......................................... 30
Армандуу тагдырлар............................... 41

• Ырлар •

Жайлоодо ............................................... 51
Туулган жер ............................................ 51
Сөз ........................................................... 52
Саздуу конуш........................................... 53
Сүрөт менен сүйлөшүү ........................... 54

**Адабий басылма**

**Мамек АКАЕВ**
«Жашоо кумары»

• Аңгемелер, ырлар •

*Редактору Бактыкан Ажымаматова*
*Жасалгасы Хуррам Газибаев*

---

*Жалал-Абаддагы жеке басмаканада басылды.*



**Мамек АКАЕВ**

*1936-жылы туулган. КУУнин тарых факультетин бүтүргөн. Агартуунун отличниги, эмгек ардагери, ардактуу эс алууда. Жалал-Абад шаарына караштуу Кызыл-Суу айылында жашайт.*